Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# Эркин-Тоо

Шейшемби,
2025-жылдын
14-октябры

№78 (3734)

www.erkin-too.kg

# Президент элчилерди кабыл алды

***Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров кечээ ишеним грамоталарын тапшырууга байланыштуу Европа Биримдигинин Кыргыз Республикасындагы Өкүлчүлүгүнүн башчысы Реми Дюфлону, Швейцария Конфедерациясынын Кыргыз Республикасындагы Атайын жана Ыйгарым укуктуу Элчиси Сироко Мессерлини, Германия Федеративдүү Республикасынын Кыргыз Республикасындагы Атайын жана Ыйгарым укуктуу Элчиси Моника Ленхардды кабыл алды.***



Анда Кыргызстан менен Европа Биримдигинин ортосундагы кызматташтыктын актуалдуу маселелери жана аны өнүктүрүү келечеги талкууланды. Элчи Реми Дюфло менен сүйлөшүүдө Садыр Жапаров Кыргызстандын Европа Биримдиги менен өз ара аракеттенүүсүн мындан ары да чыңдоого даярдыгын ырастады.

Ал эми элчи Сироко Мессерли менен жолугушууда Садыр Жапаров Кыргызстан менен Швейцариянын ортосундагы саясий диалогдун оң динамикасына чын ыкластан кубанарын белгилеп, эки тараптуу соода жүгүртүүнүн көлөмүн сактоо жана мындан ары да көбөйтүү үчүн биргелешкен аракеттердин зарылдыгын баса белгиледи.

Германия Федеративдүү Республикасынын Кыргыз Республикасындагы Атайын жана Ыйгарым укуктуу Элчиси Моника Ленхард менен пикир алышууда Президент Садыр Жапаров акыркы жылдары өлкөлөр ортосундагы соода кызматташтыгы активдүү өнүгүп жатканын белгилеп, Кыргызстандын экологиялык таза айыл чарба өндүрүмү жаатында германиялык өнөктөштөр менен өз ара аракеттенүүнү кеңейтүүгө даяр экенин билдирди.

Ошондой эле кечээ кабыл алуунун жүрүшүндө Пакистан Ислам Республикасынын Элчиси Алтамаш Вазир Хан, Словения Республикасынын Элчиси Аленка Сухадольник, Италия Республикасынын Элчиси Антонелло Де Риу, Экваториалдык Гвинея Республикасынын Элчиси Лусиано Нкого Ндонг Айекаба, Бельгия Королдугунун Элчиси Эрик Де Майер жана Гватемала Республикасынын Элчиси Эдуардо Энрика Эрнандес Ресинос Президент Садыр Жапаровго ишеним грамоталарын тапшырды.

Жолугушуунун соңунда элчилер Мамлекет Башчысына жылуу кабыл алгандыгы үчүн ыраазычылык билдирип, эки тараптуу алакаларды мындан ары да чыңдоонун маанилүүлүгүн белгилешти.



## Касымалиев шайлоого даярдыкты талкуулады

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы – Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Жетекчиси Адылбек Касымалиев Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилинде шайлоо комиссияларына уюштуруу-техникалык маселелерди чечүүгө көмөк көрсөтүү боюнча республикалык штабдын биринчи отурумун өткөрдү.

Жыйындын жүрүшүндө шайлоо комиссияларынын үзгүлтүксүз иштешин камсыздоо жана шайлоону ачык-айкын өткөрүү үчүн зарыл шарттарды түзүү боюнча негизги маселелер талкууланды. МинКаб Төрагасы мамлекет шайлоо процессин мыйзамды так сактоо менен уюштурууга кепилдик берээрин, бардык катышуучуларга бирдей шарттарды камсыздап, административдик ресурсту колдонууга жол бербей турганын белгиледи.


Адылбек Касымалиев жоопту мамлекеттик органдарга бардык шайлоо участкаларында коомдук тартипти, электр энергиясы менен туруктуу камсыздоону, ишенимдүү интернет байланышын камсыздоо боюнча комплекстүү чараларды көрүүнү тапшырды.

## "Ысык-Көл" эл аралык форуму



2026-жылдын июнь айында Кыргызстанда "Ысык-Көл" эл аралык форуму өтөт. Бул тууралуу аталган форумду өткөрүү боюнча Президенттин атайын өкүлү, КР эл жазуучусу Арслан Койчиев билдирди. Анын айтымында, Президент Садыр Жапаров Чыңгыз Айтматовдун демилгеси менен 1986-жылы негизделген форумдун 40 жылдык маарекесине арналган иш-чараларды өткөрүү тууралуу тескемеге кол койгон.

"Аны ишке ашыруу максатында атайын уюштуруу комитети түзүлүп, анын курамына мамлекеттик органдардын жетекчилери, коомдук ишмерлер жана эксперттер кирди. Форум Чыңгыз Айтматов негиздегендей эле адамзаттын келечеги, прогресстин этикасы, маданияттын глобалдык саясаттагы орду жана интеллигенциянын дүйнө алдындагы жоопкерчилиги сыяктуу маанилүү темаларды талкуулай турган ачык диалог аянтчасы болот. Ал учурда келген коноктордун көбү Айтматовдун акылмандыгын жана чыгармачылык мурасын баалаган инсандар болгон. Бул жолу да ошондой деңгээлдеги улуу адамдар келиши керек. Ал үчүн чакырууларды Өлкө Башчынын атынан жөнөтүү зарыл. Уюштуруу иштерине мен жооптуумун. Учурда кызуу даярдыктарды көрүп жатабыз" - деди Арслан Койчиев.



## Манас шаарында жаңы «Манас» стеласы ачылды

Манас шаарындагы Аюб-Тоодо «Манас» стеласынын ачылышы болду. Иш-чарага Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары - УКМКнын төрагасы Камчыбек Ташиев, Президенттин Жалал-Абад облусундагы өкүлүнүн биринчи орун басары Нурлан Эрматов, шаар мэри Эрнисбек Ормоков, шаардык кеңештин төрагасы Нуртилек Болотов, шаардык кеңештин депутаттары, мекеме-ишканаларынын жетекчилери жана шаар тургундары катышты. Жаңы стеланын бийиктиги 8 метрди түзүп, демөөрчүлөр тарабынан каржыланды.

**"Эркин-Тоо" пресс**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

КЫРГЫЗСТАНДЫН КЕЛЕЧЕГИ СЕНИН КОЛУҢДА!

# ТАЛАПКЕРДИН ТАГДЫРЫН ҮГҮТЧҮЛӨР ЭМЕС, ЭЛ ЧЕЧЕТ!

***Жогорку Кеңештин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоо 30-ноябрга даярдалып, мамлекет тарабынан аламан жарышка кызуу даярдык жүрүүдө. Коомчулукта шайлоо өнөктүгү боюнча талкуу күчөп, адамдар жыйналган жерлерде, социалдык түйүндөрдө депутаттыкка талапкерлигин койгон адамдар жана шайлоо системасы боюнча сөз болуп жатат. Бул көрүнүш бир жагынан элдин саясатка болгон активдүүлүгүн көрсөтсө, экинчиси биздин мекендештер мамлекеттин келечегине кайдыгер эместигин тастыктоодо.***



Эл арасындагы талкуунун чордону Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкер болгон жаранга миңге чейин агитатор жалдоого уруксат берилгендигине байланып, өтө көп экени белгиленүүдө. Тагыраагы, “бир талапкер бир миңге чейин агитатор жалдаса болот” деген ченем парламентке жалаң бай, акчалуулардын келишине жол ачпайбы деп тынчсызданышуууда. “Үйүндө 10 шайлоочусу бар миң үгүтчү жалдаса, 10 миң добуш дароо капчыгына түшүп калат” дегендер чыгууда. Айтор, кээ бири бул норма акчалуу талапкерлерге артыкчылык берип, парламентке жалаң акчалуулар келет дешсе, айрымдар талапкердин ийгилиги анын агитаторлорунун санына эмес, шайлоочулардын тандоосуна жараша чечилерин айтышууда. Маселен, өткөн парламенттик шайлоодо деле акча коротпой, аз сандагы үгүтчү менен элдин элегинен өтүп кеткендер болгону белгиленүүдө. Атап айтсак, Дастан Бекешов, Мирлан Самыйкожо, Эрулан Көкүлов сындуулар самандай сапырылган акчалуулар менен жарышып, ат чабым астында келгенине күбө болгонбуз. Кыскасы, талапкерлердин тагдырын үгүтчүлөр эмес, шайлоочулар чечкенине күбө болгонбуз. Мындан ары дагы ошондой болору шексиз.

Акыркы күндөрү шайлоо боюнча тынымсыз кайрылууларды жасап, шайлоону таза өткөрүү үчүн добушту сатпашыбыз керектигин улам баса белгилеп жаткан Мамлекет башчысы Садыр Жапаров миң үгүтчү боюнча дагы пикирин билдирип, жүйөлүү ойлорун ортого салды.

“Бул маселе боюнча мурдагы мыйзамда 500гө чейин үгүтчү алса болот деген ченем бар эле. Округдар чоңойгонуна байланыштуу депутаттар миң үгүтчүгө чейин деп көтөрүп коюшуптур. Мен деле миң үгүтчү көп деп ойлойм. Себеби, канча жолу шайлоолорго катышсам да бир округга мынча үгүтчү алган эмесмин. Азыркы шайлоого катышып жаткан талапкерлер деле мынча үгүтчү албаса керек. Эгер ушунча үгүтчү алган талапкер болсо, демек акчасы көп талапкер. Шайлабай коюш элдин колунда. Элге ошол үчүн кайра-кайра кайрылуу жасап жатам го, “добушуңду сатпа” деп. Албетте, бул кемчиликти кийинки шайлоодо оңдоп койсок болот. Бирок, экинчи жагынан алып караганда, миң үгүтчү деген маселеден трагедия кылыштын деле кереги жок. Себеби, 500 үгүтчү деп көрсөтүп койгон менен маселе чечилбейт деп ойлойм. 500 үгүтчүнү расмий түрдө алып, 500 үгүтчүнү оозеки сүйлөшүп алып иштетиши толук мүмкүн да. Далилдеш кыйын. Ошондуктан, дагы бир жолу кайталайм, ар бир талапкердин тагдыры үгүтчүлөрдүн колунда эмес, элдин колунда! Эгер эл колдобогон талапкер болсо миң эмес, эки миң үгүтчү жалдап алсаң да өтпөйсүң” деди Президент.

Тээ артка кылчайып, Өлкө жетекчисинин башынан өткөн бир мисалды келтире кетсек болот. Баарынын эсинде болсо керек, 2005-жылкы шайлоодо Садыр Жапаров ат салышкан округда 12 талапкер катышкан. Ал учурда бийликтин адамдары чогула калып оппозициялык талапкерлерге каршы иштөө кадимкидей көрүнүшкө айланган болчу. Ошол адат менен аттангандардын 11и биригип алып каршы иштешкен. Алардын катарында губернатор, кызматта турган аким, ошол мезгилдеги иштеп жаткан депутаттар, “бийликтин батасын алып келдик” деген бизнесмендер болгон. 200гө жетип-жетпеген эле үгүтчү менен Кудайдын колдоосу, элдин добушу менен өтүп кеткен. Бул мисал дагы тагдырды акчага жалданган үгүтчү чечпей турганын тастыктаган. Чынын айтыш керек, ондогон үгүтчү жалдап, жыйынтыгында ошол участоктон бир да добуш албай калган учурлар далай талапкердин башынан өткөн. Анткени, эл каалабаса акчаны башынан ылдый төксөң дагы эч ким добушун бербейт. Андыктан миң үгүтчүдөн корко турган нерсе жок. Президент айткандай, элдин жек көрүндүсүнө айлангандар миң эмес, эки миң үгүтчү жалдаса дагы өтпөйт.

Кечээки күнгө карата шайлоого катышуу ниетин билдирген жарандардын тизмеси 300гө жетти. Белгилей кетсек, Борбордук шайлоо комиссиясына №1 шайлоо округунан 16, №2 шайлоо округунан 5, №3 шайлоо округунан 11, №4 шайлоо округунан 8, №5 шайлоо округунан 3, №6 шайлоо округунан 2, №7 шайлоо округунан 5, №8 шайлоо округунан 6, №9 шайлоо округунан 3, №10 шайлоо округунан 9, №11 шайлоо округунан 2, №12 шайлоо округунан 7, №13 шайлоо округунан 7, №14 шайлоо округунан 10, №15 шайлоо округунан 6, №16 шайлоо округунан 5, №17 шайлоо округунан 7, №18 шайлоо округунан 5, №19 шайлоо округунан 9, №20 шайлоо округунан 9, №21 шайлоо округунан 5, №22 шайлоо округунан 6, №23 шайлоо округунан 11, №24 шайлоо округунан 6, №25 шайлоо округунан 3, №26 шайлоо округунан 4, №27 шайлоо округунан 8, №28 шайлоо округунан 7, №29 шайлоо округунан 6, №30 шайлоо округунан 7 талапкер ат салышууга арызын берди.

Аламан жарышка ат салышууга белсенгендердин арасында Жогорку Кеңештин азыркы жана мурдагы чакырылышынын депутаттары, коомдук жана маданий ишмерлер, ошондой эле ырчы-чоорчулар бар. Тизме күн сайын уланууда. Элдин элегинен өтүүнү каалагандар 10-ноябрга чейин арыз тапшырса болот.

Эске сала кетсек, мажоритардык шайлоо системасы менен өткөрүлүп жаткан бул шайлоодо 30 округдан 90 депутат шайланып келет. Ар бир аймактан үчтөн эл өкүлү болот. Үч депутаттын бирөө башка жыныстан болушу керек. Тагыраагы, эки эркек, бир аял же эки аял болсо, бир эркек жаран мандатка ээ болот.

**Зулпукаар САПАНОВ**

АЙМАКТАРДА




## ТАЛАСТАГЫ ИПОТЕКАЛЫК ҮЙЛӨР

Жакында Президент Садыр Жапаровдун тапшырмасы менен Талас шаарында кошумча ипотекалык көп кабаттуу турак үйлөрдүн курулушуна расмий түрдө старт берилди. Бул тууралуу Президенттин Иш башкармалыгынын жетекчиси Каныбек Туманбаев билдирди. “Мамлекет башчысынын тапшырмасына ылайык курулуш иштери башталды. Мындан бир ай мурда Президент Талас жана Нарын облустарында жеткиликтүү батирлер өтө аз экенин белгилеп, бул багыттагы иштерди күчөтүүнү тапшырган. Анын негизинде Талас шаарынын тарыхында биринчи жолу 9 кабаттуу үйлөр курулууда. Бул үйлөр бардык шарттар менен камсыздалат” деди К.Туманбаев.

Эске салсак, ушу тапта ипотекалык негизде Таластын Алымкулов көчөсүндө ар бири 319 батирлүү турак үйлөр салынып жатат. Бул үйлөрдүн курулушу 2026-жылдын биринчи кварталында ээлерине берилет.

## КООМДУК-МАДАНИЙ БОРБОРЛОР КУРУЛУУДА




Кара-Кулжа жана Алай райондорунун борборлорунда мамлекеттик кызматтарды бир жерден көрсөтүүгө багытталган заманбап коомдук-маданий борборлордун курулушу жүрүп жатат.

Президенттин Ош облусундагы өкүлчүлүгүнөн билдиришкендей, үч кабаттуу бул имараттарда жергиликтүү тургундар жана райондун коноктору үчүн бардык ыңгайлуу шарттар түзүлөт. Атайын долбоордун алкагында кинотеатр, машыгуу залы, банк бөлүмдөрү, тейлөөчү уюмдар, конференц-зал жана башка кызмат көрсөтүүчү жайлар каралган.

Бул ири социалдык долбоор Президент Садыр Жапаровдун колдоосу менен Ош облусунун башчысы Элчибек Жантаевдин демилгеси аркылуу ишке ашырылып жатат. Максаты – тоолуу райондордун инфраструктурасын жакшыртуу, жарандар үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү жана жаңы жумуш орундарын ачуу болуп саналат. Объекттердин курулушу менен Өлкө башчысы Садыр Жапаров буга чейин иш сапары маалында жеринен таанышкан. Курулуш иштери КР Турукташтыруу фондунун эсебинен каржыланууда.

## РЕКОНСТРУКЦИЯЛОО ИШТЕРИ БАШТАЛДЫ




Ысык-Көлдүн эң кооз капчыгайларынын биринде "Жууку" курорттукден соолукту чыңдоо комплексин реконструкциялоо жана кеңейтүү долбоору башталды. Бул тууралуу Россия-Кыргыз өнүктүрүү фондунун төрагасы Артем Новиков билдирди.

Бул демилгеге РКӨФ тарабынан каржылык колдоо көрсөтүлүп, бул максаттарга 30 млн сом бөлдү. Новиковдун айтымында, Ысык-Көл аймагынын туристтик инфраструктурасын өнүктүрүү Фонддун ишинин артыкчылыктуу багыттарынын бири.

"Ысык-Көлдө жыл бою туризмди өнүктүрүүгө чоң потенциал бар. Мындай долбоорлорду колдоо жаңы жумуш орундарын түзүүгө, инвестицияларды тартууга жана аймактык экономиканы бекемдөөгө өбөлгө түзөт. Биз ата мекендик туризм тармагынын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга багытталган демилгелерди каржылоону улантабыз", - деди Артем Новиков.

Долбоордун алкагында учурдагы корпустарды оңдоо, жаңы дарылоо-ден соолукту чыңдоочу жана эс алуучу объектилерди куруу, ошондой эле заманбап экологиялык жана инфраструктуралык талаптарды эске алуу менен айланасындагы аймакты көрктөндүрүү пландаштырылууда.

## ЖАҢЫ ИМАРАТ


Чолпон-Атада Курулуш министрлигинин аймактагы башкармалыгынын жаңы административдик имараты курулууда. Бул тууралуу Курулуш, архитектура жана турак жай-коммуналдык чарба министрлигинен билдиришти.

Ведомстводон маалымдашкандай, министр Нурдан Орунтаев Ысык-Көл облусуна болгон иш сапарында имараттын курулуш иштери менен таанышты. Долбоорго ылайык, жалпы 251,91 чарчы метрди ээлеген имаратта жыйындар жана күтүү залы, архив, кабылдама, бирдиктүү терезе жана техникалык бөлмө бар. Бүгүнкү күндө курулуш иштеринин 80%ы бүткөрүлдү.

Жаңы административдик имараттар мамлекеттик бюджеттен эмес, министрликтин ички ресурстары менен курулууда. Учурда өлкө боюнча ондогон жаңы административдик имараттар салынып жатат.

**“Эркин-Тоо” пресс**

КЫРГЫЗСТАНДЫН КЕЛЕЧЕГИ



# Шайлоого даярдык жүрүп, тесттик режимде добуш берилип жатат

***Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясы өлкөбүздө 30-ноябрь күнү өтө турган Парламенттик шайлоого даярдык көрүп, добуш берүүдө колдонула турган жаңы системаны сыноодон өткөрүп жатат. Башкача айтканда, 10-октябрда Бишкектеги соода борборлорунун биринде алгачкы тесттик режимде добуш берүү өткөрүлдү. БШК төрагасы Тынчтыкбек Шайназаровдун айтымында Кыргызстанда шайлоо системасы жаңыланган. Түштүк Кореядан алынып келинген аппараттар кынтыксыз иштеп, добуш берүүнү жеңилдетет.***



**БШК төрагасы Тынчтыкбек Шайназаров:**

– Шайлоо учурунда Кыргыз Республикасынын жарандарынын Конституциялык укугун камсыздоо үчүн максималдуу түрдө шарт түзүү максат кылынган. Учурда бардык аракеттер көрүлүп, БШК шайлоого даяр болуп калды. Мисалы, 10-20-30-октябрда бүткүл Кыргызстан боюнча тесттик, аралыктан добуш берүү өткөрүлөт. Тесттик шайлоого бардык каалоочулар келип катышса болот. Аппараттарды сыноо, тесттик режимде добуш берүү Россия Федерациясынын Москва, Новосибирск, Красноярск, Екатеринбург, Иркутск шаарларында да жүргүзүлмөкчү. Учурда Кыргызстанда 2400 шайлоо участкасы бар. Ошону менен катар кезектеги шайлоодо чоң соода борборлор, базарлар, ири унаа базарлары, ооруканалар, аэропорттордо да шайлоо участкалары түзүлүүдө. Ал участкалардан жарандарыбыз аралыктан добуш бере алышат. Негизги максатыбыз – жарандарыбыздын ар бирине ыңгайлуу шарт түзүп берүү болууда.

Жаңы шайлоо системасы өтө ыңгайлуу. Аны тесттик режимде добуш берген жарандар көрүп, билсе болот. Мисалы, бир жаран келип, өз участогунан шайлоого катышып чыкса, кайра башка участокко барып добушун экинчи жолу бере турган болсо, система анын мурда кайсыл жерден добуш бергендиги тууралуу толук маалымат берет. Баса белгилеп кете турган нерсе, шайлоодо автоматташтырылган системаны киргизүүдө Кыргызстан дүйнөдө алдыңкы катарда. Бул система добуштарды автоматтык түрдө, кынтыксыз эсептеп чыгып, шайлоо бүткөндөн кийин 2 сааттын аралыгында кимдин канча добуш алгандыгына чейин маалымат берет. БШК учурда дүйнөнүн булуң-бурчунда аралыктан добуш берүүнү уюштуруп жатат. Кыргызстанда колдонулган система АКШда колдонулат.

Мындан тышкары Борбордук шайлоо комиссиясы азыр жарандар аралыктан добуш берүүнү электрондук добуш берүү менен чаташтырып жатканын белгиледи. БШК төрагасы Тынчтыкбек Шайназаровдун айтымында электрондук добуш берүү киргизиле элек. Бул келечектин иши. Аралыктан добуш берүүдө шайлоочунун шайлоо участогуна өзү жеке келип катышуусу талап кылынат. Шайлоочулардын тизмесинде каттатылган жаран эч кандай бюрократиялык тоскоолдуксуз каалаган шайлоо участогунда добуш бере алат. Аралыктан шайлоого жол берүү элдин шайлоого көбүрөөк катышуусуна түрткү болуусу үчүн да уюштурулууда.

Эскерте кетсек, Кыргызстанда кезексиз Парламенттик шайлоо 30-ноябрга белгиленген. Жаңы мыйзамга ылайык, республика 30 округга бөлүнүп, ар биринен үчтөн депутат шайланат. 12-октябрга карата 198 жаран эл өкүлү болуу ниетин билдирип, БШКга арыз тапшырган.

**Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА**

"КАРА АЛТЫНДЫН" АЙМАГЫНДА

## Жумгал райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы – аким Адыбек НАБИЕВ:

# "КӨМҮР КАЗУУГА МАМЛЕКЕТТИН КӨЗӨМӨЛҮ КҮЧ..."



***Өлкөбүздөгү ротация саясатынын эпкини менен алыскы Баткенден Жумгал районуна жетекчиликке дайындалган Адыбек Асанович саяк туугандардын жергесине тез эле "сиңишип", жергиликтүү элдин каалоосундагыдай жетекчи болуп жатканын жумгалдыктар да жашырышпайт. Кай учурда сурап кайрылбайлы, ачыктыгы менен айырмаланган мындай жетекчи менен алыскы аймактагы абал тууралуу маектештик.***

**– Адыбек мырза, быйыл кыш катуу болоорлугу, электр энергияга карата мезгилдик өчүрүүлөр орун аларын министр өзү баш болуп айтууда. Мындай шартта "кара алтынга" болгон талап жогорку чекке жетери белгилүү. Быйыл көмүрдүн баасы жеринде канча сомдон бааланууда? Көмүр казууга, анын баасына мамлекет тарабынан талаптагыдай көзөмөл болуп жатабы?**

– Жумгалдагы Кара-Кече, Миң-Куш көмүр массивдеринде жалпы 19 карьердин ушу тапта 12 карьеринде Кудайга шүгүр "кара алтынды" казуу иши жылдагыдай эле кызуу ыргакта жүрүүдө. Көмүрдүн Кара-Кечедеги өздүк баасы тоннасына 2460 сом болсо, карьерден бери биздин Жумгалга ташып келингендеги баасы 3150 сомдон 3500 сомго чейинки бааны түзүүдө. Тагыраагы, аралыгына жараша сатылып жатат. Ал эми өлкөбүздүн башка аймактарындагы баасы аралыкка жараша коюлуп, сатылып жатса керек. Аныгында көмүрдүн баасына бардык мамлекеттик органдар тарабынан катуу көзөмөл бар. Бул жагынан эч ким кам санабай деле койсо болот.

**– Кара-Кечеге көмүр алууга баргандардын узун кезеги ар жылы ушул тапта пайда болуп, отун ташыгандардын наарazычылыгы жаралары баарыбызга белгилүү. Көмүр казуунун жүрүшү, кардарларга "кара алтынды" тез-тез жүктөп берүү жагы эмнеге талаптагыдай уюшулбайт?**

– Ушул күндөрү көмүр алууда алыс-жакындан келишкен кардарлардын же ошол эле жергиликтүү элдин арасында наразычылык жок. Оор жүк ташуучу автоунаалардын айдоочулары атайын түзүлгөн онлайн форматындагы кезекке турушуп алып кетишүүдө. "Кара алтынды" жүктөп берүү жагы да талаптагыдай уюшулуп, андагы иштеген техникалардын саны жетиштүү. Өлкөбүздүн бардык аймактарынан келишкен кардарлар көмүрдү эч бир маселесиз эле алып кетишүүдө. Бардыгына жол ачык, кандайдыр бир чектөөлөр же эч кандай тоскоолдуктар жок. Дагы баса белгилеп айтсам, көмүр өндүрүүгө болгон көзөмөл тиешелүү мамлекеттик органдар тарабынан, өзгөчө жергиликтүү бийлик тарабынан күчөтүлгөн ыргакта жүрүп жатат.

**– Алдыдагы шайлоого карата райондо даярдык кандай? Жумгалда барган сайын элдин шайлоого катышуусу азайып жаткан жокпу?..**

– Ооба, өлкөбүздүн тагдырына таасир этүүчү Жогорку Кеңешке болчу шайлоого карата биздин аймакта даярдыктар мыйзам чегинде жүрүп жатат. Райондо жалпысынан 29 шайлоо тилкебиз бар. Ошол шайлоо тилкелеринде алдын-ала сыноо тесттерин жүргүздүк. Алдыдагы 20-30-октябрь күндөрү да кайрадан алдын-ала сыноо тесттери болмокчу. Аймактагы ар бир шайлоо тилкелери кызуу даярдыктарды көрүшүүдө. Бул жагынан да мыйзам чегиндеги иштер жүрүп жатат. Жергиликтүү бийлик өкүлдөрү уюштуруу, техникалык жумуштарды көзөмөлдөп, аларга жардам берүүдөбүз. Бул сапар элибиз Жогорку Кеңешке болгон шайлоого жакшы катышып, кайдыгерликтен арылуу менен өз добуштарын татыктуу адамдарга беришет деген ишеничтемин.

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**

СПОРТ

# БАЛБАНДАРДЫН МАСЕЛЕСИ ЧЕЧИЛДИБИ?



Грек-рим күрөшү боюнча Кыргызстандын курама командасында жаңы машыктыруучулар штабы түзүлдү. Машыктыруучулардын штабына Улукбек Карачолоков, Арсен Эралиев жана Руслан Царев кирген. Алар 20–27-октябрда Сербияда өтө турган өспүрүмдөр арасындагы дүйнө чемпионатына улуттук курама команданы даярдап алып барышмакчы.

Эске салсак, Улукбек Карачолоков менен Арсен Эралиев буга чейин улуттук курама командасынын машыктыруучулар штабында Азат Эркимбаевдин тушунда иштешкен. Париж олимпиадасынан кийин алардын келишимдери узартылган эмес. Алардын ордуна Уран Жусуп уулу, Азат Бейшебеков жана Атай Замирбеков дайындалып, алар он ай бою команданы машыктырышты. Үчөө тең Хорватияда өткөн Дүйнө чемпиондугунда Кыргыз курамасы бир колодон башка бир дагы медаль ала албай калгандан кийин кызматтан кетишти. Грек-рим күрөшү боюнча Кыргызстандын улуттук курама командасынын мурдагы башкы машыктыруучусу Азат Эркимбаев учурда Египеттин курама командасын машыктырууда.

Буга чейин күрөш федерациясында балбандар менен Уран Жусуп уулу баштаган машыктыруучулардын ортосунда пикир келишпестиктер тууралуу айтылып жүргөн. Алардын дараметине сындар айтылып, мурдагы Азат Эркинбаевдин командасына жан тарткан балбандар көп экендиги маалымдалган. Грек-рим күрөшү боюнча курамдын машыктыруучуларынын алмашуусун айрым балбандар оор кабыл алып, Олимпиада оюндарынын күмүш жана коло байге ээси, дүйнөнүн эки жолку чемпиону Акжол Махмудов машыктыруучулардын кызматтан кетүүсү боюнча социалдык тармактагы баракчасына билдирүү жазып да чыкканы бар.

Федерациянын машыктыруучулары алмашкандан кийин дүйнөлүк чемпионаттарда мурдагы жыйынтыктар кайталанбай, Азия чемпионатында катачылыктар орун алган. Амманда күрөштүн бул түрү боюнча 10 медалдык комплект ойнотулуп, 10 балбан катышып, Раззак Бейшекеев гана 1 күмүш менен чектелген. Андан тышкары капчыкка Ырыскелди Максатбек уулу 77 килограмм салмакта коло медаль утуп, жалпы командалык эсепте 6-орунга түшкөн. Дүйнөлүк күрөш уюму менен спорт адистери кыргызстандык балбандардын мындай көрсөткүчүнө канааттанышкан эмес.

**Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

**«КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУ ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ СОТТОР ЖӨНҮНДӨ» КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК МЫЙЗАМЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН

## КОНСТИТУЦИЯЛЫК МЫЙЗАМЫ

**2025-жылдын 18-сентябрында
Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган**

**1-берене**

«Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына («Эркин-Тоо» гезити, 2021-жылдын 19-ноябры, №136) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 12-berenenин 1-бөлүгүндө:

а) биринчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1. Жогорку сот Жогорку соттун төрагасынан, төраганын 3 орун басарынан жана судьяларынан турат.»;

б) үчүнчү абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«Жогорку соттун судьяларынын штаттык саны Жогорку соттун төрагасы менен макулдашылган Судьялар кеңешинин сунушунун негизинде Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан аныкталат.»;

2) 32-беренеде:

а) 2-бөлүктүн биринчи сүйлөмү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын: «Жергиликтүү сотторду түзүү, кайра уюштуруу жана жоюу, жергиликтүү соттордун судьяларынын санын өзгөртүү Жогорку соттун төрагасы менен макулдашылган Судьялар кеңешинин сунушунун негизинде Президент тарабынан аныкталат.»;

б) 3-бөлүк күчүн жоготту деп таанылсын;

3) 34-берене төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«34-берене. Биринчи инстанциядагы соттун курамы

Биринчи инстанциядагы сот соттун төрагасынан жана судьялардан (судьядан) турат.»;

4) 38-берененин биринчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«Экинчи инстанциядагы сот төрагадан, төраганын орун басарларынан, судьялардан турат.».

**2-берене**

**1.** Ушул конституциялык Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**2.** Ушул конституциялык Мыйзам күчүнө кирген күндөн тартып бир ай өткөндөн кийин төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) «Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун түзүмүн жана жергиликтүү соттордун судьяларынын штаттык санын бекитүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 28-октябрындагы №188 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2011-ж., №9,1287-ст.);

2) «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 23-декабрындагы №217 Мыйзамынын 4-берeнеси (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2016-ж., №11, 1194-ст.);

3) «Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун түзүмүн жана жергиликтүү соттордун судьяларынын штаттык санынбекитүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын 2019-жылдын 29-январындагы №21 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2019-ж., №1, 21-ст.);

4) «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына (Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексине, Салыктык эмес кирешелер жөнүндө Кыргыз Республикасынын кодексине, Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодексине, «Кыргыз Республикасынын Жогорку Соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө, «Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун түзүмүн жана жергиликтүү соттордун судьяларынын штаттык санын бекитүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына) өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын 2020-жылдын 11-апрелиндеги №39 Мыйзамынын 5-березеси («Эркин-Тоо» гезити, 2020-жылдын 28-апрели, №34);

5) «Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун түзүмүн жана жергиликтүү соттордун судьяларынын штаттык санын бекитүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын 2020-жылдын 4-июнундагы №59 Мыйзамы («Эркин-Тоо» гезити, 2020-жылдын 9-июну, №44);

6) «Кыргыз Республикасынын жергиликтүү сотторунун түзүмүн жана жергиликтүү соттордун судьяларынын штаттык санын бекитүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 10-майындагы №97 Мыйзамы («Эркин-Тоо» гезити, 2023-жылдын 7-июлу, №54).

**3.** Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңеши Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасы менен макулдашуу боюнча ушул конституциялык Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып бир айлык мөөнөттө Кыргыз Республикасынын Президентине Кыргыз Республикасынын сотторунун түзүмү жана соттордун судьяларынын штаттык саны жөнүндө сунуш киргизсин.

**Кыргыз Республикасынын Президенти С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 9-октябры, №207***

**КОНСТИТУЦИОННЫЙ ЗАКОН**

КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В КОНСТИТУЦИОННЫЙ ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ «О ВЕРХОВНОМ СУДЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ И МЕСТНЫХ СУДАХ»**

**Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики
18 сентября 2025 года**

**Статья 1**

Внести в конституционный Закон Кыргызской Республики «О Верховном суде Кыргызской Республики и местных судах» (газета «Эркин-Тоо» от 19 ноября 2021 года №136) следующие изменения:

1) в части 1 статьи 12:

а) абзац первый изложить в следующей редакции:

«1. Верховный суд состоит из председателя, 3 заместителей председателя и судей Верховного суда.»;

б) абзац третий изложить в следующей редакции:

«Штатная численность судей Верховного суда определяется Президентом Кыргызской Республики на основании предложения Совета судей, согласованного с председателем Верховного суда.»;

2) в статье 32:

а) предложение первое части 2 изложить в следующей редакции: «Создание, реорганизация и упразднение местных судов, изменение численности судей местных судов определяются Президентом на основании предложения Совета судей, согласованного с председателем Верховного суда.»;

б) часть 3 признать утратившей силу;

3) статью 34 изложить в следующей редакции:

«Статья 34. Состав суда первой инстанции

Суд первой инстанции состоит из председателя суда и судей (судьи).»;

4) абзац первый статьи 38 изложить в следующей редакции:

«Суд второй инстанции состоит из председателя, заместителей председателя, судей.».

**Статья 2**

**1.** Настоящий конституционный Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**2.** По истечении одного месяца со дня вступления в силу настоящего конституционного Закона признать утратившими силу:

1) Закон Кыргызской Республики «Об утверждении структуры местных судов и штатной численности судей местных судов Кыргызской Республики» от 28 октября 2011 года №188 (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2011 г., №9, ст. 1287);

2) статью 4 Закона Кыргызской Республики «О внесении изменений в некоторые законодательные акты Кыргызской Республики» от 23 декабря 2016 года №217 (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2016 г., №11, ст. 1194);

3) Закон Кыргызской Республики «О внесении изменений в Закон Кыргызской Республики «Об утверждении структуры местных судов и штатной численности судей местных судов Кыргызской Республики» от 29 января 2019 года №21 (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2019 г., №1, ст. 21);

4) статью 5 Закона Кыргызской Республики «О внесении изменений в некоторые законодательные акты Кыргызской Республики (в Гражданский процессуальный кодекс Кыргызской Республики, Кодекс Кыргызской Республики о неналоговых доходах, Административно-процессуальный кодекс Кыргызской Республики, законы Кыргызской Республики «О Верховном суде Кыргызской Республики и местных судах», «Об утверждении структуры местных судов и штатной численности судей местных судов Кыргызской Республики»)» от 11 апреля 2020 года №39 (газета «Эркин-Тоо» от 28 апреля 2020 года №34);

5) Закон Кыргызской Республики «О внесении изменений в Закон Кыргызской Республики «Об утверждении структуры местных судов и штатной численности судей местных судов Кыргызской Республики» от 4 июня 2020 года №59 (газета «Эркин-Тоо» от 9 июня 2020 года №44),

6) Закон Кыргызской Республики «О внесении изменений в Закон Кыргызской Республики «Об утверждении структуры местных судов и штатной численности судей местных судов Кыргызской Республики» от 10 мая 2023 года №97 (газета «Эркин-Тоо» от 7 июля 2023 года №54).

**3.** Совету судей Кыргызской Республики по согласованию с председателем Верховного суда Кыргызской Республики в месячный срок со дня официального опубликования настоящего конституционного Закона внести Президенту Кыргызской Республики предложение о структуре судов и штатной численности судей судов Кыргызской Республики.

**Президент Кыргызской Республики С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 9 октября 2025 года, №207***

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН 2024-ЖЫЛДЫН 11-ИЮНУНДАГЫ №150 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН МЕДИА ЖАНА ЖУРНАЛИСТИКА ЖААТЫНДА ЖЫЛ САЙЫН ЫЙГАРЫЛУУЧУ "МЕЙКИН" СЫЙ АКЫСЫН УЮШТУРУУ ЖӨНҮНДӨ" ЖАРЛЫГЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

## ЖАРЛЫГЫ

Кыргыз Республикасынын Президентинин медиа жана журналистика жаатындагы "Мейкин" сый акысынын беделин жогорулатуу максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 71-беренесине ылайык **токтом кылам:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 11-июнундагы №150 "Кыргыз Республикасынын Президентинин медиа жана журналистика жаатында жыл сайын ыйгарылуучу "Мейкин" сый акысын уюштуруу жөнүндө" Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) аталышында жана 1, 2, 4-пункттарда "жыл сайын" деген сөздөр алып салынсын;

2) 3-пункт күчүн жоготту деп таанылсын;

3) жогоруда аталган Жарлык менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Президентинин медиа жана журналистика жаатында жыл сайын ыйгарылуучу "Мейкин" сый акысы жөнүндө жободо:

– аталышында жана 1, 16-пункттарда "жыл сайын" деген сөздөр алып салынсын;

– 12-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"12. Сый акы эки жылда бир жолу ыйгарылат. Конкурска катышууга мурдагы конкурстун жеңүүчүсү жарыяланган күндөн тартып бир жарым жылдын ичинде жарыяланган материалдар кабыл алынат.";

– 13-пунктта "1-октябрга чейин" деген сөздөр алып салынсын;

– 17-пунктта", спорт" деген сөздөр алып салынсын; –19-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"19. Комиссия эки жылдык мөөнөткө түзүлөт.".

2. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 10-октябры, №281***

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2023-ЖЫЛДЫН 3-МАРТЫНДАГЫ №115 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН АЙРЫМ ЧЕНЕМ ЖАРАТУУ ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫН МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРГА ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУНУН АТКАРУУ ОРГАНДАРЫНА ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

## ТОКТОМУ

Ченем жаратуу ишинин сапатын жогорулатуу жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин өткөрүп берилген айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын актуалдаштыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы №115 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарынын тизмесинде:

– 8-пункт төмөнкүдөй мазмундагы 9, 10, 11-пунктчалар менен толукталсын:

"9) орточо эмгек акынын эсептөө тартибин;

10) эмгек акы төлөөгө тийиштүү сый акылардын тизмегин;

11) эмгек китепчелеринин формаларын, жүргүзүү жана сактоо тартибин, ошондой эле эмгек китепчелеринин бланктарын даярдоо жана иш берүүчүлөрдү алар менен камсыз кылуу тартибин.".

2. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 9-октябры, №653***

### «ФИНАНСЫЛЫК ИЖАРА (ЛИЗИНГ) ЖӨНҮНДӨ» КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН

## МЫЙЗАМЫ

**2025-жылдын 17-сентябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган**

**1-берене**

«Финансылык ижара (лизинг) жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2002-ж., №9, 409-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 4-статьянын биринчи бөлүгүнүн үчүнчү абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

**«- лизинг алуучу** - лизинг келишимине ылайык лизинг предметин белгилүү бир мөөнөткө белгиленген акыга жана белгиленген шарттарда лизинг келишимине ылайык убактылуу ээлик кылууга жана пайдаланууга кабыл алууга милдеттүү болгон юридикалык жак (анын ичинде мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын ведомстволук мекемелери), жеке жак, жеке ишкер;»;

2) 5-статьяда:

а) төмөнкүдөй мазмундагы 2¹-пункт менен толукталсын:

«2¹. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечими боюнча ачык акционердик коом формасында мамлекеттик лизинг компаниясы түзүлүшү мүмкүн.»;

б) 4-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«4. Лизинг компаниясы юридикалык жактардын (Кыргыз Республикасынын резиденттеринин жана резидент эместеринин) улуттук жана чет өлкөлүк валютадагы каражаттарын Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарында белгиленген тартипте лизинг ишин жүзөгө ашыруу үчүн тартууга укуктуу.»;

в) төмөнкүдөй мазмундагы 5-пункт менен толукталсын:

«5. Төмөнкүлөр лизинг компанияларынын уюштуруучулары боло албайт:

а) оффшордук зоналардын аймагында жашаган жана/же катталган жеке жана юридикалык жактар;

б) тизмеси террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарга ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети аныктаган ыйгарым укуктуу орган тарабынан түзүлүүчү, алар боюнча террористтик же экстремисттик ишке жана массалык кырып салуучу куралдарды таратууга, террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) катышкандыгы жөнүндө маалыматтар бар жеке жана юридикалык жактардын, топтордун жана уюмдардын санкциялык тизмектеринде турган жеке жана юридикалык жактар жана/же катышуучу катары аффилирленген жактары бар жактар.

Лизинг субъекттери террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү жана Кыргыз Республикасынын террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарынын талаптарын ишке ашыруу боюнча чараларды көрүүгө милдеттүү.»;

3) 7-статьянын үчүнчү абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«**Кайтарымдуу лизинг** - лизингдин түрү, мында сатуучу ишкердик максатта лизингдик бир укуктук мамиленин чегинде бир эле учурда лизинг алуучу катары чыга алат. Ошол эле учурда ишкердик максатта жеке ишкерлер жана юридикалык жактар (анын ичинде мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын ведомстволук мекемелери) гана кайтарымдуу лизингдин катышуучулары боло алышат.»;

4) 22-статья төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«22-статья. Лизинг компанияларынын эсепке алуусу жана отчеттуулугу

1. Лизинг предметин эсепке алуу жана амортизацияны эсептөө Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарынын талаптарына ылайык жүзөгө ашырылат.

2. Лизинг компаниясы «Бухгалтердик эсеп жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган бекиткен отчеттуулуктун мөөнөттөрүнө жана формасына ылайык өзүнүн операцияларынын бухгалтердик эсебин жүзөгө ашырууга жана финансылык отчёттуулукту түзүүгө, ошондой эле финансылык отчеттуулукту жана аудитордук корутундуну Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте Финансылык отчеттуулуктун ачык депозитарийине берүүгө милдеттүү.

3. Финансылык туруктуулукту камсыз кылуу үчүн лизинг компаниялары өзүнүн капиталынын жетиштүүлүгүнүн пруденциялык ченемдерин, лизинг портфелинин ликвиддүүлүк ченемдерин жана сапат ченемдерин сактоого милдеттүү. Лизинг компанияларынын отчеттуулукту берүүсүнүн тартиби жана формалары, пруденциялык ченемдеринин маанилерин эсептөөнүн эрежелери жана усулдугу ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан белгиленет.».

**2-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети алты айлык мөөнөттө өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

**Кыргыз Республикасынын Президенти С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 9-октябры, №208***

---

## ЗАКОН

КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

### О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ «О ФИНАНСОВОЙ АРЕНДЕ (ЛИЗИНГЕ)»

**Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 17 сентября 2025 года**

**Статья 1**

Внести в Закон Кыргызской Республики «О финансовой аренде (лизинге)» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2002 г., №9, ст. 409) следующие изменения:

1) абзац третий части первой статьи 4 изложить в следующей редакции:

«**- лизингополучатель** - юридическое лицо (в том числе государственные органы, органы местного самоуправления и их подведомственные учреждения), физическое лицо, индивидуальный предприниматель, которые в соответствии с договором лизинга обязаны принять предмет лизинга за определенную плату на определенный срок и на определенных условиях во временное владение и в пользование в соответствии с договором лизинга;»;

2) в статье 5:

а) дополнить пунктом 2¹ следующего содержания:

«2¹. По решению Кабинета Министров Кыргызской Республики может быть создана государственная лизинговая компания в форме открытого акционерного общества.»;

б) пункт 4 изложить в следующей редакции:

«4. Лизинговая компания вправе привлекать средства юридических лиц (резидентов и нерезидентов Кыргызской Республики) в национальной и иностранной валюте для осуществления лизинговой деятельности в порядке, установленном гражданским законодательством Кыргызской Республики.»;

в) дополнить пунктом 5 следующего содержания:

«5. Учредителями лизинговых компаний не могут быть:

а) физические и юридические лица, проживающие и/или зарегистрированные на территории оффшорных зон;

б) физические и юридические лица и/или имеющие в качестве участников аффилированные лица, находящиеся в санкционных перечнях физических и юридических лиц, групп и организаций, в отношении которых имеются сведения об их участии в террористической или экстремистской деятельности и распространении оружия массового уничтожения, финансировании террористической деятельности и легализации (отмывании) преступных доходов, список которых формируется уполномоченным органом, определяемым Кабинетом Министров Кыргызской Республики в соответствии с законодательством в сфере противодействия финансированию террористической деятельности и легализации (отмыванию) преступных доходов.

Субъекты лизинга обязаны принять меры по противодействию финансированию террористической деятельности и легализации (отмыванию) преступных доходов и реализации требований законодательства Кыргызской Республики в сфере противодействия финансированию террористической деятельности и легализации (отмыванию) преступных доходов.»;

3) абзац третий статьи 7 изложить в следующей редакции:

«**Возвратный лизинг** - вид лизинга, при котором в предпринимательских целях продавец может одновременно выступать в качестве лизингополучателя в пределах одного лизингового правоотношения. При этом участниками возвратного лизинга могут быть только индивидуальные предприниматели и юридические лица в предпринимательских целях (в том числе государственные органы, органы местного самоуправления и их подведомственные учреждения).»;

4) статью 22 изложить в следующей редакции:

«Статья 22. Учет и отчетность лизинговых, компаний

1. Учет предмета лизинга и начисление амортизации осуществляются в соответствии с требованиями налогового законодательства Кыргызской Республики.

2. Лизинговая компания обязана осуществлять бухгалтерский учет своих операций и формировать финансовую отчетность в соответствии с Законом Кыргызской Республики «О бухгалтерском учете» и утвержденными уполномоченным государственным органом сроками и формой отчетности, а также представлять финансовую отчетность и аудиторское заключение в Публичный депозитарий финансовой отчетности в порядке, установленном законодательством Кыргызской Республики.

3. Для обеспечения финансовой устойчивости лизинговые компании обязаны соблюдать пруденциальные нормативы достаточности собственного капитала, нормативы ликвидности и нормативы качества лизингового портфеля. Порядок предоставления и формы отчетности, правила и методика расчета значений пруденциальных нормативов лизинговых компаний устанавливаются уполномоченным государственным органом.».

**Статья 2**

Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

Кабинету Министров Кыргызской Республики в шестимесячный срок привести свои нормативные правовые акты в соответствие с настоящим Законом.

**Президент Кыргызской Республики С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 9 октября 2025 года, №208***

---

### 2030-ЖЫЛДЫН 1-ЯНВАРЫНА ЧЕЙИН КНС 80 ПАЙЫЗГА АЗАЙТУУ МЕНЕН ТӨЛӨНҮҮЧҮ АТА МЕКЕНДИК АЙЫЛ ЧАРБА ПРОДУКЦИЯСЫНЫН ТИЗМЕСИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

## ТОКТОМУ

Агроөнөр жай комплексин колдоо, азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу, айыл чарба продукциясынын өндүрүүчүлөрүнө дем берүү максатында, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 322-беренесинин 1-бөлүгүнүн 3-пунктуна, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** 2030-жылдын 1-январына чейин КНС 80 пайызга азайтуу менен төлөнүүчү ата мекендик айыл чарба продукциясынын тизмеси тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүүчү өнөр жайы министрлиги, Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги ушул токтомдон келип чыгуучу зарыл чараларды көрсүн.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 9-октябры, №651***

---

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2023-ЖЫЛДЫН 19-ИЮНУНДАГЫ №307 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨЗГӨЧӨ КЫРДААЛДАР МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК ИШКАНАЛАРДЫН ИШИН ТАРТИПКЕ КЕЛТИРҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

## ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу мамлекеттик ишканалардын ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-июнундагы №307 "Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу мамлекеттик ишканалардын ишин тартипке келтирүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу "МЕС Текстиль" мамлекеттик ишканасынын уставында:

– 14-пункт төмөнкүдөй мазмундагы он төртүнчү – он жетинчи абзацтар менен толукталсын:

"– Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин балансында турган техниканы оңдоо боюнча кызматтарды көрсөтүү;

– санаториялык-курорттук дарылоо боюнча кызматтарды көрсөтүү;

– медициналык-реабилитациялык кызматтарды көрсөтүү;

– дары каражаттарын өндүрүү жана мамлекеттик медициналык мекемелерге жана башка керектөөчүлөргө сатуу боюнча ишterди уюштуруу;".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 10-октябры, №655***

## УЧУРДАГЫ БЮДЖЕТТИК ЖЫЛГА РЕСПУБЛИКАЛЫК БЮДЖЕТТИН, КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СОЦИАЛДЫК ФОНДУНУН ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛАМАТТЫК САКТОО МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ МИЛДЕТТҮҮ МЕДИЦИНАЛЫК КАМСЫЗДАНДЫРУУ ФОНДУНУН БЮДЖЕТТЕРИНИН ЧЫГАШАЛАРЫН БӨЛҮҮ БОЮНЧА ЧЕЧИМДЕРДИ КАБЫЛ АЛУУ ЖАНА АТКАРУУ ТАРТИБИН УБАКТЫЛУУ УКУКТУК ЖӨНГӨ САЛУУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши 2025-жылдын 25-сентябрындагы №3548-VII "VII чакырылыштагы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин өзүн-өзү таркатуусу жөнүндө" токтомду кабыл алды.

Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 16-ноябрындагы №106 "Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө" Мыйзамынын 140-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайык Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 30-сентябрындагы №272 "Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону дайындоо жөнүндө" Жарлыгы менен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоо дайындалды.

Ошону менен бирге колдонуудагы бюджеттик мыйзамдарда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши өзүн-өзү таркаткан учурда, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин бюджеттик системалардын бюджеттеринин негизги параметрлерин өзгөртүү боюнча чечимдерин кабыл алуу жана аткаруу боюнча ченемдер белгиленбегендигин белгилей кетүү зарыл, бул кийин социалдык маанилүү жана мамлекеттик муктаждыктарга каражаттарды бөлүү маселелерин чечүүдө кыйынчылыктарга алып келет.

Ушуга байланыштуу бюджеттик системанын бюджеттеринин социалдык маанилүү жана артыкчылыктуу чыгашаларын туруктуу жана өз убагында каржылоону камсыз кылуу максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 70, 71-беренелерин жетекчиликке алып, "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 31[1]-беренесине ылайык **токтом кылам:**

**1.** Жаңы чакырылыштагы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин профилдик комитетинин биринчи жыйналышына чейин учурдагы бюджеттик жылдын республикалык бюджетинин, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун (мындан ары – Социалдык фонд) жана Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун (мындан ары – Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду) бюджеттеринин чыгашаларын бөлүү боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечимдерин кабыл алууну жана аткарууну убактылуу укуктук жөнгө салуунун апробациялык режими киргизилсин.

**2.** Бул Жарлыктын 1-пунктунда көрсөтүлгөн убактылуу укуктук жөнгө салуунун апробациялык режиминин алкагында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети төмөнкүдөй чечимдерди кабыл алат жана аткарат деп белгиленсин:

1) "Кыргыз Республикасынын 2025-жылга жана 2026–2027-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна кийин киргизүү менен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин профилдик комитети менен макулдашуусуз республикалык бюджеттин негизги параметрлерин өзгөртүү, ошондой эле учурдагы бюджеттик жылдын чыгымдарын кайра бөлүштүрүү жөнүндө;

2) "Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2025-жылга жана 2026–2027-жылдардын пландык мезгилине бюджети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна кийин киргизүү менен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин профилдик комитети менен макулдашуусуз Социалдык фонддун бюджетинин негизги параметрлерин өзгөртүү, ошондой эле учурдагы бюджеттик жылдын чыгымдарын кайра бөлүштүрүү жөнүндө;

3) "Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2025-жылга жана 2026–2027-жылдардын пландык мезгилине бюджети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна кийин киргизүү менен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин профилдик комитети менен макулдашуусуз Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджетинин негизги параметрлерин өзгөртүү, ошондой эле учурдагы бюджеттик жылдын чыгымдарын кайра бөлүштүрүү жөнүндө.

**3.** Эгерде "Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2026-жылга жана 2027–2028-жылдардын пландык мезгилине бюджети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору учурдагы жылдын аягына чейин бекитилбесе, Социалдык фонд ал бекитилгенге чейин 2026-жылдын 1-январынан тартып ал күчүнө киргенге чейин учурга чейин бюджеттин долбоорунда каралган чыгымдардын жылдык суммасынын он экиден бир бөлүгүнүн чегинде ай сайын чыгымдарды жүргүзүүгө укуктуу.

**4.** Эгерде "Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2026-жылга жана 2027–2028-жылдардын пландык мезгилине бюджети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору учурдагы жылдын аягына чейин бекитилбесе, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду ал бекитилгенге чейин 2026-жылдын 1-январынан тартып ал күчүнө киргенге чейин учурга чейин бюджеттин долбоорунда каралган чыгымдардын жылдык суммасынын он экиден бир бөлүгүнүн чегинде ай сайын чыгымдарды жүргүзүүгө укуктуу.

**5.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети:

1) жаңы чакырылыштагы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин профилдик комитетине бул Жарлыктын 2-пунктуна ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечимдеринин аткарылышы жөнүндө маалымат берсин;

2) бул Жарлыктан келип чыгуучу чараларды көрсүн.

**6.** Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 13-октябры, №282***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2021-ЖЫЛДЫН 15-НОЯБРЫНДАГЫ №262 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨЗГӨЧӨ КЫРДААЛДАР МИНИСТРЛИГИНИН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 16-июнундагы №183 "Коомдук коопсуздукту камсыз кылуу, калкты жана мамлекеттин аймактык бүтүндүгүн коргоо боюнча милдеттерди аткарууда күч түзүмдөрүнүн өз ара алмашуучулук тартиби жана механизми жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" Жарлыгын ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №262 "Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин айрым маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги жөнүндө жободо:

– 11-пункттун 5-пунктчасы төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"– күч түзүмдөрүнүн өз ара алмашуучулук принцибин эске алуу менен коомдук коопсуздукту жана мамлекеттин аймактык бүтүндүгүн камсыз кылуу боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырууга катышат.".

**2.** Бул токтомду ишке ашыруу Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин тиешелүү жылга жана кийинки жылдарга республикалык бюджетте каралган каражаттардын жана штаттык сандын чегинде ишке ашырылат деп белгиленсин.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 10-октябры, №658***

## МЕДИЦИНАЛЫК КАМСЫЗДАНДЫРУУ СИСТЕМАСЫН ӨРКҮНДӨТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Медициналык камсыздандыруу системасын өркүндөтүү, Бирдиктүү төлөөчү системасында иштеген саламаттык сактоо уюмдарынын финансылык туруктуулугун жогорулатуу максатында, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 70, 77, 94-беренелерине, "Кыргыз Республикасында жарандарды медициналык камсыздандыруу жөнүндө", "Кыргыз Республикасында саламаттык сактоону каржылоонун бирдиктүү төлөөчү тутуму жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Төмөнкүлөр бекитилсин:

1) Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджетин түзүү, кароо, бекитүү жана аткаруу тартиби жөнүндө жобо 1-тиркемеге ылайык;

2) Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун камсыздандыруу запасын түзүү жана пайдалануу тартиби 2-тиркемеге ылайык;

3) Саламаттык сактоону колдоого жана өнүктүрүүгө каражаттарды түзүү жана пайдалануу тартиби 3-тиркемеге ылайык.

**2.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 5-октябрындагы №647 "Саламаттык сактоону колдоого жана өнүктүрүүгө каражаттарды түзүү жана пайдалануу тартибин бекитүү жөнүндө" токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 10-январындагы №4 "Бирдиктүү төлөөчү системасында бюджеттик эрежелерди жана жол-жоболорду жөнгө салуу боюнча ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө" токтому.

**3.** Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги ушул токтомдон келип чыгуучу тиешелүү чараларды көрсүн.

**4.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**5.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 13-октябры, №660***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2022-ЖЫЛДЫН 1-АВГУСТУНДАГЫ №434 "МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТЧЫЛАРДЫН КАТЕГОРИЯСЫНА КИРБЕГЕН ЖАНА МАМЛЕКЕТТИК МЕКЕМЕЛЕРДЕ, АНЫН ИЧИНДЕ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АТКАРУУ БИЙЛИГИНИН МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРЫНЫН ВЕДОМСТВОЛУК МЕКЕМЕЛЕРИНДЕ ИШТЕГЕН КЫЗМАТКЕРЛЕРГЕ ЭМГЕК АКЫ ТӨЛӨӨ ШАРТТАРЫ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 16-июлундагы №237 тескемесин аткаруу үчүн, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №434 "Мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана мамлекеттик мекемелерде, анын ичинде Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын ведомстволук мекемелеринде иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтомдун 13-тиркемесинде:

– эскертүүнүн бешинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу Жерде жүрүүчү жана суу транспорту департаментинин кызматчылардын категориясына кирбеген кызматкерлерине 2025-жылдын 1-июлунан тартып транспорттук контролдоо пункттарындагы иштин өзгөчө режими үчүн 20000 (жыйырма миң) сом өлчөмүндө ар айлык үстөк белгиленсин.".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 13-октябры, №661***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН КОРРУПЦИЯНЫН АЛДЫН АЛУУ МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА АЙРЫМ ТОКТОМДОРУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-июнундагы №137 "2025–2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегия жөнүндө" Жарлыгын ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №250 "Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги жөнүндө жободо:

– 17-пункт төмөнкүдөй мазмундагы $26^1$-пункт-ча менен толукталсын:

"$26^1$) коррупциянын алдын алуунун ички системасын түзүү жана анын иштешин камсыз кылуу үчүн жеке жоопкерчилик тартат;".

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 10-декабрындагы №300 "Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин ведомстволук бөлүмдөрүнүн жана уюмдарынын маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматы жөнүндө жободо:

– 18-пункт төмөнкүдөй мазмундагы $14^1$-пункт-ча менен толукталсын:

"$14^1$) коррупциянын алдын алуунун ички системасын түзүү жана анын иштешин камсыз кылуу үчүн жеке жоопкерчилик тартат;";

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы жөнүндө жободо:

– 21-пункт төмөнкүдөй мазмундагы $13^1$-пункт-ча менен толукталсын:

"$13^1$) коррупциянын алдын алуунун ички системасын түзүү жана анын иштешин камсыз кылуу үчүн жеке жоопкерчилик тартат;";

3) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Банкроттук иштер боюнча департамент жөнүндө жободо:

– 17-пункт төмөнкүдөй мазмундагы $8^1$-пункт-ча менен толукталсын:

"$8^1$) коррупциянын алдын алуунун ички системасын түзүү жана анын иштешин камсыз кылуу үчүн жеке жоопкерчилик тартат;";

4) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Стандартташтыруу жана метрология борбору жөнүндө жободо:

– 16-пункт төмөнкүдөй мазмундагы $10^1$-пункт-ча менен толукталсын:

"$10^1$) коррупциянын алдын алуунун ички системасын түзүү жана анын иштешин камсыз кылуу үчүн жеке жоопкерчилик тартат;";

5) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Кыргыз аккредитациялоо борбору жөнүндө жободо:

– 20-пункт төмөнкүдөй мазмундагы $12^1$-пункт-ча менен толукталсын:

"$12^1$) коррупциянын алдын алуунун ички системасын түзүү жана анын иштешин камсыз кылуу үчүн жеке жоопкерчилик тартат;";

6) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу "Адал-индустриясын өнүктүрүү боюнча борбор" мамлекеттик мекемеси жөнүндө жободо:

– 15-пункт төмөнкүдөй мазмундагы $20^1$-пункт-ча менен толукталсын:

"$20^1$) коррупциянын алдын алуунун ички системасын түзүү жана анын иштешин камсыз кылуу үчүн жеке жоопкерчилик тартат;";

7) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Туризм департаменти жөнүндө жободо:

– 16-пункт төмөнкүдөй мазмундагы $10^1$-пункт-ча менен толукталсын:

"$10^1$) коррупциянын алдын алуунун ички системасын түзүү жана анын иштешин камсыз кылуу үчүн жеке жоопкерчилик тартат;".

**3.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 22-сентябрындагы №497 "Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу "Кыргыз Экспорт" экспортту өнүктүрүү жана илгерилетүү борбору" мамлекеттик мекемесин түзүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу "Кыргыз Экспорт" экспортту өнүктүрүү жана илгерилетүү борбору" мамлекеттик мекемеси жөнүндө жободо:

– 18-пункт төмөнкүдөй мазмундагы он экинчи абзац менен толукталсын:

"– коррупциянын алдын алуунун ички системасын түзүү жана анын иштешин камсыз кылуу үчүн жеке жоопкерчилик тартат;".

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 9-октябры, №652***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2023-ЖЫЛДЫН 21-НОЯБРЫНДАГЫ №614 "КӨП БАТИРЛҮҮ ҮЙЛӨРДҮ ЖАНА КЫЙМЫЛСЫЗ МҮЛКТҮН БАШКА ОБЪЕКТТЕРИН КУРУУГА ЖЕКЕ ЖЕ ЮРИДИКАЛЫК ЖАКТАРДЫН ФИНАНСЫЛЫК КАРАЖАТТАРЫН ТАРТУУНУН ТАРТИБИ ЖАНА ШАРТТАРЫ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Колдонуудагы жөнгө салууну өркүндөтүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 21-ноябрындагы №614 "Көп батирлүү үйлөрдү жана кыймылсыз мүлктүн башка объекттерин курууга жеке же юридикалык жактардын финансылык каражаттарын тартуунун тартиби жана шарттары жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Көп батирлүү үйлөрдү жана кыймылсыз мүлктүн башка объекттерин курууга жеке же юридикалык жактардын финансылык каражаттарын тартуунун тартиби жана шарттары жөнүндө жободо:

– 2-пункттун 14-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"14) ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган – Кыргыз Республикасынын Курулуш, архитектура жана турак жай-коммуналдык чарба министрлиги жана анын түзүмдүк жана аймактык бөлүмдөрү.";

– 40, 41-пункттар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"40. Куруучулар (заказчылар) квартал сайын, отчеттук квартал аяктагандан кийин отуз жумуш күндүн ичинде Реестрге киргизилген объекттердин финансылык отчёттуулугун ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга жөнөтүп турат жана аны өздөрүнүн расмий веб-сайттарына жарыялайт.

41. Ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган ушул Жобонун 39-пунктунда көрсөтүлгөн талаптардын заказчылар (куруучулар) тарабынан аткарылышына ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын чечими менен аныкталуучу тартипте жана форма боюнча мониторинг жүргүзөт.".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 9-октябры, №654***

## "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАШЫЛ КАРЖЫЛОО ФОНДУ" АЧЫК АКЦИОНЕРДИК КООМУН ТҮЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Туруктуу өнүктүрүү, жашыл долбоорлорду колдоо чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты ишке ашыруунун натыйжалуу институттук механизмин түзүү, экологиялык туруктуу жана инновациялык демилгелерге инвестицияларга дем берүү системасын түзүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Бир акциянын номиналдык наркы 100,0 (жүз) сом болгон 1 000,0 (бир миң) даана жөнөкөй энчилүү акцияларды чыгаруу жана төлөө жолу менен 100 000,0 (жүз миң) сом өлчөмүндөгү уставдык капиталында мамлекеттин жүз пайыз катышуусу менен Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте "Кыргыз Республикасынын жашыл каржылоо фонду" ачык акционердик коому (мындан ары – Фонд) түзүлсүн.

**2**. Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги белгиленген тартипте:

1) Фонддун уюштуруучусу жана жалгыз акционери болуп чыксын;

2) Фондду Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында мамлекеттик каттоону камсыз кылсын;

3) Фонддун уставын жана башкаруу түзүмүн иштеп чыксын жана бекитсин;

4) зарыл болгон учурда кызыкдар мамлекеттик органдарды тартуу менен Фонддун ишин камсыз кылуунун финансылык механизмдерин түзүүгө мамилелердин системасын иштеп чыксын.

**3.** Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасы Фондду Бишкек шаарында жайгашкан мамлекеттик имаратка, коммуналдык жана эксплуатациялык чыгымдарды төлөө менен акы төлөп пайдалануу келишиминин шарттарында жайгаштырууну мүмкүнчүлүгүн карасын.

**4.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**5.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 10-октябры, №657***

## ТЕКШЕРҮҮЛӨРДҮ ЖҮРГҮЗҮҮГӨ УКУГУ БАР ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАР ЧӨЙРӨСҮНДӨ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

«Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин 5-пунктуна, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 12-апрелиндеги №215 «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин текшерүүгө укугу бар ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын тизмектерин жактыруу жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

– жогоруда аталган токтомдун 2-тиркемеси ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 29-сентябрындагы №516 «Ишкердиктин субъекттерине текшерүүлөрдү жүргүзүүгө укугу бар ыйгарым укуктуу органдардын тизмегин жактыруу жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтомдун тиркемесинде:

– 9-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«9. Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Ветеринардык жана фитосанитардык көзөмөл кызматы.»;

– төмөнкүдөй мазмундагы 18-пункт менен толукталсын:

«18. Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги.».

**3.** Бул токтом бекитүү үчүн Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна жөнөтүлсүн.

**4**. Кыргыз Республикасынын суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министринин биринчи орун басары жана Кыргыз Республикасынын илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министри ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде кароодо Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин расмий өкүлдөрү болуп дайындалсын.

**5**. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**6**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 10-октябры, №656***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

БАЛДАР ДҮЙНӨСҮ

Психолог, педагог, балдар жазуучусу **Рано АКМАТОВА:**

# «ТУУРА ТАРБИЯ – БАЛАГА АКЫЛ ҮЙРӨТҮҮ ЭМЕС, АНЫ ТҮШҮНҮҮ»



***Ата-энелик милдет эң татаал, ошол эле учурда эң ыйык иш. Балага акыл үйрөтүүдөн мурда, аны түшүнүүгө үйрөнүү зарыл. Бул тууралуу биз балдар психологу Рано АКМАТОВА менен маектештик.***

**– Рано айым, ар бир ата-эне негизинен өз балдарына "туура тарбия берип жатам" деген ишеним менен жашайт. Баланы көзөмөлдөйт, акыл айтат, мактайт, айтор ата-энелер акылыбыздын жетишинче тарбиялап келебиз. Туура тарбия деген сиздин оюңузча кандай өңүттө жүрүшү керек?**

– Туура тарбия – балага акыл үйрөтүү эмес, аны түшүнүү. Көпчүлүк ата-эне "мен баламды жакшы көрөм" деп айтат, бирок бала муну жүрөгү менен сезе албайт. Сүйүү – бул көңүл буруу, ишенүү жана балага ата-эненин кыялындагы башка "мыкты адам" эмес, "өзү" болууга мүмкүнчүлүк берүү. Эгер бала үйдө өзүнүн "өзү" боюнча кабыл алынганын сезсе, ал коопсуздукту табат. Коопсуз бала гана жакшы адам болуп чоңоёт. "Тарбиялайм" деп жатып көп учурда ата-эне баласынын тубаса табиятын жерип, андан такыр башка адам жасагысы келет.

**– Кээ бир ата-энелер "баланы катуу кармасаң гана бала тың болот" дешет. Бул боюнча оюңуз?**

– Жок. Катуу сүйлөө же жазалоо убактылуу гана натыйжа берет. Бирок анын терс таасири узак мөөнөттөргө чейин калып калат. Бала өзүн сүйүүгө татыктуу эмес деп ойлоп калат. Ал эми эң күчтүү тарбия – бул туруктуу мээрим. Катуу мамиле эмес, эреже, чектөө деген нерселер талапка ылайык келет.

**– Сиз айткан эреже, чектөө деген нерселердин өзү балага жакпай, каяша айткан учурда ата-энелерге кандай кеңеш берер элеңиз?**

– Жок, эреже, чектөө деген балага тыюу салуу эмес. Ата-энелер түз эле тыюу салып, чектегенди кыйын билет да, бирок балага аны эмне үчүн чектеп, тыйып жатканын түшүндүрүүдөн эринет. Эгерде баарын жайынча, үн көтөрбөй түшүндүрсө балдар да түшүнөт. Бала ата-эненин сүйүүсүн көз караштан, жылуу үндөн, көңүл буруудан сезет. Кээде жөн гана кучактап, "мен сени жакшы көрөм" деп айтуу чоң мааниге ээ. Бул сөздөр баланын жан дүйнөсүн бекемдейт.

**– Кээ бир ата-энелер жумуш менен алек болуп, балага убакыт таба алышпайт. Эмне кылыш керек?**

– Убакыт аз болсо да, сапаттуу болсун. 15 мүнөттүк жылуу маек бир сааттык үнчукпай отуруудан баалуу. Балдар убакыттын узактыгын эмес, энергияны сезишет. Эгер ошол аз мүнөттө ата-эне толук көңүлүн балага бөлсө – ал бала өзүн бактылуу сезет.

**– Тарбияда эң маанилүү үч принципти атап берсеңиз?**

– Биринчиси – сүйүү. Экинчиси – сабыр. Үчүнчүсү – туруктуулук жана тартип. Эгер ата-эне ушул үч нерсени сактай алса, бала ишенимдүү чоңоёт. Туура тарбиялоо – идеалдуу ата-эне болуу эмес, баланы чын жүрөктөн сүйүп, өзүңдү күн сайын жакшыртууга аракет кылуу.

**Махабат САИДРАХМАНОВА**
***(Маектин толук чыгарылышын "Эркин-Тоонун" ютуб каналынан көрө аласыздар)***



ЖАЗУУ ЖӨНҮНДӨ

# АДАМ БИРИНЧИ ЖАРАЛГАНБЫ ЖЕ ЖАЗУУБУ?

Жазуу – адамзаттын басып өткөн жашоо тарыхындагы эң маанилүү ачылыштардын бири экенин танууга мүкүн эмес. Ал акылдан жаралган ойду, түшүнүктү, билимди, илимди, жалпы тарыхты муундан муунга өткөрүүгө мүмкүндүк түзгөн зор мүмкүнчүлүк катары колдонулуп келе жаткан өзгөчө ыкма. Алгачкы белгилер сүрөт аркылуу ой билдирүү менен башталып, андан соң фонетикалык жазууга жана өнүккөн тилдерге өтүү менен жетилген, – деген аныктамалар азыр да айтылып, окутулуп келет. Эң алгачкы жазуу "пиктография" деп аталып, ал сүрөт аркылуу ой билдирүү дегенди түшүндүргөн. Баарынан мурда, Месопотамиянын түштүк бөлүгүндө (азыркы Ирак аймагында) жашашкан Шумерлердин биринчи жазуусу – пиктографиялык жана клинопистик жазуу (клинопись) биздин заманга чейинки 3400–3100-жылдары пайда болгон. Баштапкы максат: экономикалык эсеп-кысап, товарларды жана соода операцияларын каттоо максатында жайылтылган. Пиктографиядан кийин кээ бир символдор абстрактуу түшүнүк жаратып, клинопись жазуу (cuneiform) системасына өткөнү жөнүндө маалыматтар бар. Ошентип, Шумерлер адамзат тарыхында алгачкы жазууну, тактап айтканда ишкердик жана административдик максатта колдонгондордун бири деп айтылып келет.

Ал эми Брахман жазуулары шумерлердин жазуусуна салыштырганда көп жүздөгөн жылдардан кийин пайда болгон деген маалыматтар бар. Индия өрөөнүнүн цивилизациясында (б.з.ч. 2600–1900-жылдар) пиктографиялык жазуу колдонулганы илимий булактарда тастыкталган. Бул система ар бир белгинин кандайдыр бир маанини түз эле сүрөт аркылуу билдирип-далилдөөсү менен айырмаланганы маалым. Мисалы, Күндү белгиси, данды белгиси, адамды фигурасы аркылуу көрсөткөн. Бул система тилге эмес, түшүнүккө негизделгендиктен, бир эле белги башка тилдеги бардык адамдарга да түшүнүктүү болгон.

Инди өрөөнүнүн белгилүү Хараппа, Мохенжо-Даро, Лотхал шаарлары пиктографиялык жазуунун үлгүлөрүн сактап калганы жөнүндө маалыматтар бар. Белгилер көбүнчө таш мөөрлөрдө, керамикалык идиштерде жана металл буюмдарда кездешет. Бирок алардын мааниси жана тил менен байланышы азыркы күнгө чейин так аныктала элек. Ведалык доор жана оозеки салт Инди өрөөнүнүн цивилизациясы жоголгондон кийин б.з.ч. 1500-жылдардан тартып арийлер Индияга басып кирген. Алар санскрит тилинде сүйлөгөн, бирок алгач жазуу эмес, оозеки салт аркылуу үн менен муундан муунга өткөрүлүп келген. Ведалар (Ригведа, Самаведа, Яжурведа, Атхарваведа) ошол доордогу оозеки сакталган илимий жана диний тексттер. Алар жазылган эмес, оозеки айтылган, бирок ритмдүү жана так формада болгондуктан кийин жазууга ыңгайлуу болгон.

Санскрит жана фонетикалык жазуу б.з.ч. III кылымдан баштап Индияда Брахман жазмасы пайда болгон. Бул азыркы көптөгөн индиялык жазуулардын (Деванагари, Тамил, Телугу, Бенгал, Синхала) түпкү булагы катары эсептелинет. Санскрит тили ошол доордо философиялык, диний жана илимий тексттердин тили катары өнүккөн. Ар бир тамга бир үндү билдирген. Мисалы: सूर्य (sūrya) – күн, अग्नि (agni) – от, नदी (nadī) – дарыя, मानव(manava) – адам деп фонетикалык жазуу системасынын негизинде түзүлгөн. Пиктография менен санскриттин айырмасына токтолсок, пиктография – сүрөттүк жазуу, образга, мааниге негизделип, кандайдыр бир элдердин же улуттардын тилин көрсөткөн эмес. А санскрит болсо өнүккөн тил, фонетикалык ариптер аркылуу үндү жана грамматикалык формаларды берген. Санскрит арибин билген ар бир эл же улут өз оюн, тарыхын ошол арип аркылуу жазып калтыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон. Тактап айтканда, пиктография жөнөкөй жана универсалдуу болсо, санскрит күчтүү аналитикалык структурага ээ, текстте ойду так жана терең билдирүүгө мүмкүндүк берген. Адамзаттын жазуу тарыхы – адамдын ойлоп табуу жөндөмүнүн жана маданий өнүгүүсүнүн тарыхы экени анык. Сүрөттөн үнгө өткөн жол адамзатка ой-пикирди, билимди, илимди жана маданиятты муундан муунга өткөрүүгө мүмкүндүк берген. Пиктографиялык белгилер бизге байыркы цивилизациянын жашоо образы жана түшүнүгү жөнүндө маалымат берсе, санскрит жана фонетикалык жазуу – идеяларды, философияны жана илимди так сактоого жардам берген.

Ал эми Ислам дининин негизги булактары болгон Куран менен хадистерде билим, жазуу жана ааламдын уюштурулушу жөнүндө көптөгөн маалыматтар камтылган. Калемдин биринчи жаралышы жана ааламды каттоо темасы аалымдардын түшүндүрүүсүндө жана хадис уламыштарында кеңири айтылып келет. Маселен, Ислам философиясында жана хадистерде айтылгандай, Алла биринчи жараткан заттардын бири катары калемди жараткан. Калем – билимди, жазууну жана илимди символдоштурат. Калемдин жаралышы менен ааламдагы бардык нерселер катталып баштаган деп түшүндүрүлөт. Куранда бул түшүнүк төмөнкүдөй берилген: Куран 68-сүрө «Ал- алам» (Калам, же кат «Письмо»), өз аты менен белгилүү, негизинен Сулайман пайгамбардан же калемдин жаралышы жөнүндө түздөн-түз кенен сүрөттөмө бербейт, бирок 4-аятында калем жана жазуу жөнүндө маанилүү ишарат бар деп айтат дин аалымдары. «Жакшы сөзгө (каламга) туруктуу бол!..» (68:4 – мааниси) Бул аяттан улам уламыштар менен хадистерде айтылгандай, калам – Кудай тарабынан биринчи жаратылган нерселердин бири. Хадистерде мындай деп айтылат: «Алла калемди жаратып, анын жардамы менен ааламды катка алган.» Жазуунун максаты – билимди, илимди сактоо, адамдарга буйруктарды жеткирүү, аяттарды жана пайгамбарлардын сөздөрүн жазып жайылтуу.

«Үпүп куш» (Руханий катчы) тууралуу уламыштар: Айрым исламдык уламыштарда Сулайман пайгамбарга руханий катчы кызматын аткарган «үйрөнгөн куштар» же «рухтар» берилген делет. Бул жерде мааниси – Алланын буйругун жазып, ааламга жеткирүүчү рухий күчтөрдү сүрөттөө. Ошентип, Куранда калемдин жаралышы тууралуу түз сүрөттөмө жок, бирок хадистерде жана тафсирлерде айтылгандай, калем Алла-Таала тарабынан биринчи жаралган нерселерден жана ааламды катка алуу үчүн берилген зат деп түшүндүрүлөт.

Дагы бир айрым хадистерде (билдирүүлөрдө) айтылгандай: Калем биринчи жаралган. Калем аркылуу бардык макулуктардын тагдыры жазылган. Бул түшүнүк ислам философиясында «калем аркылуу илим жана тагдырдын жазылышы» концепциясы катары колдонулат. Калем – Алланын илиминин жана ааламдагы тартиптин символу. Ислам философиясында айтылган "калем биринчи жаратылган" түшүнүгү аймактык жана тилдик чек арага байланыштырылбайт, ал символдук мааниде гана каралат. Калем – билимди, илимди жана жазууну билдирет. Ошондуктан, кайсы тилде жазылганы маанилүү эмес, мааниси – жазуунун жана илимдин жазуу аркылуу сакталышынын универсалдык символу. Мындан, эң алгач бардык жан-жаныбар, макулуктар жаратылардан мурда калам менен жазуу жаралган – деген пикир келип чыгат.

**Даярдаган**
**Бахпурбек АЛЕНОВ**

ОМОКТУУ ОЙ

# Акындын "ооматы"



Кыз-келиндердин чыгармачылыгы жөнүндө сөз болгондо көкүрөктү бир нерсе өйүп, алар мага толук ачылбай, же ачыла албай калган сандыктай сезиле берет. Моюнга алсак, бул сезилбей эле чындык. Кыргыз жазма адабиятынын тарыхына кылчайсак, кыз-келиндердин ысымы бул айдыңда бир топ жылдарга чейин угулбай келген. "Аялзаты ыр жазат, анын да оозунда сөзү бар" деген түшүнүк салтыбызда да, оюбузда да кечээ жакынга дейре болгон эмес. А талдай келсек, аялзатынын ичинде таланттуулар жок эмес экен. Алар өзүнүн көкүрөк бугун кошок айтып чыгарышкан, же ажайып бешик ырларын ырдашкан. Ооба, ушул эки учурда гана аялзаты ырчы, акын катары жан дүйнөсүн ача алган. Мындай жанрдык жактан чектелүү аялдардын талантын толук ачуусуна, өнүктүрүүсүнө, албетте, кедерги болгон.

Акын катары аялзаты, жогоруда белгилеп өткөндөй, толук ачыла албагандыгы ушул күнгө чейин сакталат. Чыгармачылыктагы ой эркиндиги, эр жүрөктүүлүк аял калемгерлерде чанда болбосо, көбүндө дагы эле ички цензура, өзүн өзү ооздуктоо, тартынчаактык орун алып келет.

Аида Эгембердиева – филология илимдеринин доктору, профессор, поэзия жаатындагы адабият теориясын мыкты билген адис. Мындай чоң даярдык менен поэзияга тиш салган акындын чыгармачылыгы кимди болсо да кызыктырбай койбосо керек. Анын «Оомат» аталышындагы ырлар жыйнагын окуп чыктым. Аталган жыйнак автордун кийинки кезде жазган жаңы ырларын жана буга чейин жарык көргөн китептеринен тандалып алынган ырларын камтыйт. А.Эгембердиеванын буга чейин "Издеткен жарык", "Шүүдүрүм", "Белгисиз жомок", "Үнсүз кайрыктар", "Аян" аттуу поэтикалык жыйнактары жарык көргөн.

Китептеги алгачкы эле көзгө урунган нерсе – Аиданын ырларынын тематикасынын бай жана салмактуу экени. Айтайын деген ойлору олуттуу, адамгерчилик жана жоопкерчилик, аруулук жана тазалык баштан-аяк кызыл сызыктай ар бир ырын тепчип өтүп турат. Акын өзүнө сын көз менен карап, кетирген кемчиликтерин жашырбайт, ырларында чынчыл, реалист, кайдагы бир асман чапчыган кыялдары менен окурманды алдабайт. Бүгүн адеп-ахлак, нравалуулук маселеси аба менен суудай керек болгон заманда автор өзүнүн "Жалган сөздөн чын үнсүздүк жогору" деген ырында бизди төрт сабы менен аруулукка, тазалыкка жетелейт, тарбиялайт, "калп айтканча, жакшысы –унчукпа" дейт.

*"Ашык жерин кесип-бутап, оролу*
*Отоо чөптөн арылткандай короону.*
*Кагып-күбүп, желдетели жүрөктү,*
*Жалган сөздөн чын үнсүздүк жогору"*
("Оомат", Б.: "Улуу тоолор", 2019, 20-б.).

Жоопкерчиликти сезе билүү сапаты айрыкча анын жакын адамдарынын алдында жогору экенин "Апама", "Ийгилигим тилеңиз", "Эсиңдеби?" ырлары даана айгинелеп турат. Бул ырлар Аида Эгембердиеванын эң жакын адамдарына: апасына, атасына жана өмүрлүк жарына арналган. Аталган ырларында жүрөгүндөгү уюп жүргөн чындыкты айткысы келген, керек болсо өз жаңылыштыгын ачык мойнуна алат, тагдырына болсо кандай экенине карабай башын ийип таазим кылат. Элге окшоп бактысына мактанбайт, же наалыбайт, болгонун болгондой кабыл алат, үй-бүлөдөгү өз ордун, милдетин түшүнөт.

*Жашадым деп жүрөм кыркты бет алып,*
*Жаштык деле көз ирмемче кетет бейм,*
*Маанайыңды басмырт кылган күндөрдү*
*Жашабаган күндөрүм деп эсептейм*
– дейт акын "Апама" деген ырында (Аталган жыйнак, 21-б.).

Аттиң, кана эми баарыбыз эле энебиздин алдында кетирген кемчиликтерибизди Аидадай сезе алсак, билсек. "Кечир апа, сени капа кылдым" деп бутуна жыгылып, миң ирет айтсаң да бул ырдын бир сабынын күчүнө, көркөмүнө, таасирине жете албайсың. Мындай ырга татыган эне кандай бактылуу дейсиң.

Ал эми акын Эгемберди Эрматовго арнаган "Ийгилигим тилеңиз" ырында болсо А.Эгембердиева:

*Ийгилигин сейрек жазган ырымдын,*
*Тапсам таптым өмүрүмдүн өрүнөн.*
*Наамдарына шек келбесин деп жүрүп,*
*Эки акынга милдеттүүдөй көрүнөм*
– деп жазат (Аталган жыйнак, 37-б.). Ооба, бул ырында да акын атасы алдындагы өзүнүн перзент гана эмес, акын катары жоопкерчилиги, милдети жогору экенин жазат. Акын болуу, анан да белгилүү акындын кызы болуу ага кандай милдетти жүктөгөнүн таасын чагылдырат.

Аиданын ырлары – жашоо, турмушка жакын, тарбиялык мааниси терең ырлар. Анын сүйүүгө мамилеси, аны баштан кечирүүсү, тактап айтканда сүйүүнү даңазалоосу да башка акындардан айырмаланат. "Сүйүү" деген сөздү бир ирет оозанбай туруп чоң сүйүүнүн кандай экенин алаканга салып койгон. Сүйүү – жакын адамынын түйшүгүн кошо тартуу, аны түшүнүү, кандай болсо ошондой кабыл алуу, ысык-суукта ажырабай жетелешип чогуу болуу. Анын "Эсиңдеби?" деген өмүрлүк жолдошуна арналган ырын алсак, анда биз белгилеп өткөндөй, бир да сүйүү жана махабат деген сөздөргө орун берилген эмес. Бирок ыр – ыйык сүйүүнүн даңктаган мыкты ыр. Автор өзүнүн жан дүйнөсүнүн акыбалын сүрөттөө менен үй-бүлөдөгү темирдей бекем ширелген ыйык сезимди ишеничти ачып берип койгон.

*Сөз талашам, төр талашам дебесмин –*
*Ал – бир улуу, ал бир – элдин жыйганы.*
*Ошондо эле "Манас" баткан дүйнөңдөн*
*Орун маган аз тийерин туйгамын* (Аталган жыйнак, 35-б).

Манасчынын жубайы болуу менен акын баарынан мурда жолдошунун бул өнөрүн өзүнүн жеке жашоосунан, керт башынын кызыкчылыгынан өйдө коёт. Ошондой эле "Өзүң" деген ырында:

*Сен айткандын баары чындык,*
*Сен кылгандын баары ак.*
*Мазмунуңдан мага жаккан*
*Бардык нерсе табылат* (Аталган китеп, 48-б) – деген автор жубайлык турмуштагы улуу гармонияны даңазалайт. Мындай саптар "сени сүйөм, сенсиз жашай албаймын, сен бактымсың, таалайымсың" деген айтыла берип жышылып бүткөн сөздөргө караганда кыйла көркөм, кыйла күчтүү. Акын сүйүү деген кереметти ушинтип ишенич, жоопкерчилик, берилүү, санааркоо сезимдерин туюнтуу аркылуу бере алат.

Соңунда айтаарыбыз, "Оомат" китеби "Оомат" ыры менен ачылып, акындын котормосундагы дүйнөлүк классик акындардын ырлары менен жабылат. Котормолор тууралуу адистер өз ойлорун айтышат деген үмүттөбүз. Китепти эмне үчүн "Оомат" деп атаганын автор мындайча түшүндүрөт:

*Ырым кылып "Оомат" деп атап турам*
*Чаалыгуудан жаралган саптарымды.*
*Автор эмнеден чаалыкты? Анан да ал:*
*"Өтсөк экен тайгылбай бутубуздан*
*Өтсөк экен айрылбай кутубуздан"*
(Аталган китеп, 15-б) – деп санааркайт. Көрсө, бүгүнкү ааламдашуу доорунун алкагындагы өйдө-ылдый өзгөрүүлөр, селдей каптаган цивилизация агымына агып кетпейли деп чочулаган акын адам баласын чүнчүткөн, жан далбастатып, жолунан адаштырган көрүнүштөрдөн чарчап-чаалыккан экен.

Жыйынтыктап айтканда элинин, жеринин ооматын тилеген авторго аталган китеби чыгармачылык оомат алып келчү поэтикалык саптарга бай экенине ынандым.

Бирок макаланын башында белгилеп кеткендей, чыгармачылык эркиндик, батылдык көптөгөн башка акын кыздардай эле Аида Эгембердиева акыныбызда да жетишсиз. Ырларынын көбүндө жан дүйнөсү толук ачылбай, кысылуу, өзүн өзү чектеген сезимдери көрүнүп турат. Аиданын потенциалын эске алсак, мындан ары жамгырдай төгүлгөн мыкты ырларды көп-көп жаратат деген ишенимдебиз.

**Топчугүл ШАЙДУЛЛАЕВА,**
**Эл жазуучусу**

ЖАҢЫЛЫКТАР



## ЖЕТЕКЧИ АДИСТЕР ОКУУДАН ӨТҮҮДӨ

Ушул жылдын декабрь айында Бишкек шаарында Президент Садыр Жапаровдун жана жер-жерлерден келе турган делегаттардын катышуусунда өтө турган Элдик Курултайга даярдыктар көрүлүүдө.

Ысык-Көлдүн Балыкчы шаарынын мэриясында Курултайга даярдык көрүү боюнча КР Президентинин Администрациясынын атайын өкүлдөрү окутууда. Бул иш-чарага жергиликтүү бийлик өкүлдөрү, мэрия жетекчилери катышууда.

## Улуттук Тарых музейине 100 жыл



***9-октябрда Бишкекте Кыргыз Республикасынын Улуттук тарых музейинин 100 жылдыгына арналган "Маалымат доорундагы тарыхый институттар, китеп жана окуу" аттуу IV эл аралык илимий-практикалык конференция салтанаттуу ачылып, музейдин 100 жылдык тарыхы жана эмгек жамаатынын талыбаган ишмердүүлүгү тууралуу фильм көрсөтүлдү. Маарекелик иш-чараны музей жетекчиси, профессор Жылдыз Бакашова ачып жана алып барды.***

Музей директору өз сөзүндө жүз жыл бүтүндөй доор, ал эми музей доорлордун тарыхый окуяларынын күбөсү болгон өзгөчө институт экендигин, маданияттын чеги жоктугун белгиледи. Андан соң Президент Садыр Жапаровдун Кыргызстандын алгачкы музейинин 100 жылдыгына арналган куттуктоосу окулду. Улуттук тарых музейи байыркы доордон – азыркы күнгө чейинки миңдеген уникалдуу жана кайталангыс табериктерин топтоп, сактап жана даңазалап жайылтып келе жаткан Борбордук Азиядагы эң көрүнүктүү музейлердин бири. Музейдин бай тарыхы 1925-жылдын 9-декабрынан башталат. Тагыраагы, Кыргыз Автономиялуу Облусунун Аткаруу комитетинин төрагасы Абдыкадыр Орозбековдун жетекчилигинде өткөн Президиумдун отурумунда, музей түзүү тууралуу Токтом кабыл алынып, эки жыл ичинде Борбордук музей түзүлгөн. 1927-жылы 5-мартта Борбордук музей М.В.Фрунзенин үйүндө биринчи көрүүчүлөрүн кабыл алган. Алгачкы экспозициялар кыргыз элинин тарыхына, маданиятына, жаратылыш байлыктарын сактоого жана көрсөтүүгө ылайыкталып түзүлгөн.

Музейде эгемендүү Кыргыз мамлекетинин тарыхын чагылдырган экспозиция түзүү иштери башталып, б.э.ч. II миң жылдыктан тартып – азыркы замандын XXI кылымына чейинки мезгилдин аралыгын камтыган "Кыргызстандын тарыхы байыркы доордон – XXI кылымга чейин" деген аталыштагы темада туруктуу экспозициясы этап-этап менен жасалган.

2018-жылы 5-февралда музейге "Кыргыз Республикасынын Улуттук тарых музейи" макамы берилген. Музей толук капиталдык оңдоодон өткөрүлүп, 2022-жылы 19-ноябрда көрүүчүлөргө эшиги ачылган. 100 миңден ашуун уникалдуу экспозициялык топтомдору аркылуу калкыбызга бай тарыхыбызды даңазалап келет. Музейдин уникалдуу экспонаттарынын альбому 100 жылдыкка карата Сеул шаарынан чыгарылды. АКШнын Чикаго университети менен биргеликте реставрация жана маданий мурастарды сактоо боюнча илимий жана башка долбоорлору ишке ашырылууда. 100 жылдыктын алкагында музейлерде "Ачык эшиктер күнү" баяндамалар менен уланат.

**Мээрим БАКТЫБЕК кызы**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## КАНТ ЖАНА ПАНФИЛОВ АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНЫН КУРАМДАРЫНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ТОКТОМУ

"Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4, 8-беренелерине, "Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесине, 22-беренесинин 10-бөлүгүнүн 1-пунктуна, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2019-жылдын 6-декабрындагы №176 токтому менен бекитилген Шайлоо комиссияларын түзүү, таркатуу жана шайлоо комиссияларынын резервин түзүү, жүргүзүү тартиби жөнүндө жобого ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **токтом кылат:**

**1.** Кант аймактык шайлоо комиссиясынын курамына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:
– "ОРДО" саясий партиясынан көрсөтүлгөн Мысалиев Данияр Мелисбекович, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынан көрсөтүлгөн Исраилов Талантбек Омурбекович, Токтосопиева Динара Еркиновна берген арыздарына ылайык комиссиянын курамынан чыгарылсын;
– "Эл Үмүтү" саясий партиясынан көрсөтүлгөн Сыдыгалиева Гульзат Бейшенбаевна, "Калк Ынтымагы" саясий партиясынан көрсөтүлгөн Джанузаков Бакыт Жолдошбекович жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан көрсөтүлгөн Мадиярова Мээрим Кадыркуловна резервден комиссиянын курамына киргизилсин.

**2.** Панфилов аймактык шайлоо комиссиясынын курамына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:
– жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан көрсөтүлгөн Кадырбаев Таалайбек Ишенбаевич берген арызына ылайык комиссиянын курамынан чыгарылсын;
– жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан көрсөтүлгөн Жамгырчиев Талант Элюбаевич резервден комиссиянын курамына киргизилсин.

**3.** Бул токтом "Эркин-Тоо" мамлекеттик расмий гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**4.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.С.Жупуевага жүктөлсүн.

**5.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 9-октябры, №96***

## ЧҮЙ ОБЛУСУНУН МОСКВА РАЙОНУНДАГЫ, ОШ ОБЛУСУНУН КАРА-СУУ РАЙОНУНДАГЫ, БАТКЕН ОБЛУСУНУН ЛЕЙЛЕК РАЙОНУНДАГЫ ЖАНА НАРЫН ОБЛУСУНУН ЖУМГАЛ РАЙОНУНДАГЫ АЙРЫМ ШАЙЛОО УЧАСТКАЛАРЫНЫН ДАРЕКТЕРИН ӨЗГӨРТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ТОКТОМУ

"Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13-1-беренесин, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2025-жылдын 28-июнундагы №41 токтому менен бекитилген Шайлоо округдары менен шайлоо участокторунун схемаларын жана чек араларын башкаруу тартиби жөнүндө жобонун 5-главасын жетекчиликке алып, "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **токтом кылат:**

**1.** Чүй облусунун Москва районуна караштуу Спартак айылындагы №7296 шайлоо участогунун дареги Ленин көчөсү, 34тө жайгашкан Спартак атындагы орто мектебинен Спартак айылынын Спартак көчөсү, 84тө жайгашкан Төлөк айыл өкмөтүнүн имаратына өзгөртүлсүн.

**2.** Чүй облусунун Москва районуна караштуу Төлөк айылындагы №7298 шайлоо участогунун дареги Школьная көчөсү, 11де жайгашкан Бердигул атындагы орто мектебинин имаратынан Төлөк айылынын Токтогул көчөсүндөгү номери жок Төлөк айылынын клубунун имаратына өзгөртүлсүн.

**3.** Чүй облусунун Москва районуна караштуу Садовое айылындагы №7278 шайлоо участогунун дареги Совет көчөсү, 118де жайгашкан "Любушка" дүкөнүнүн имаратынан Садовое айылынын Совет көчөсү, 1де "Ресит" кафесинин имаратына өзгөртүлсүн.

**4.** Ош облусунун Кара-Суу районуна караштуу Калинин айылындагы №5192 шайлоо участогунун дареги А.Эркебаев көчөсү, 6да жайгашкан А.Оморов атындагы маданият үйүнүн имаратынан Калинин айылынын Т.Кадыров көчөсү, 16да жайгашкан А.Сматов атындагы орто мектебинин имаратына өзгөртүлсүн.

**5**. Баткен облусунун Лейлек районуна караштуу Миң-Жыгач айылындагы №8032 шайлоо участогунун дареги Долоно көчөсү, 29да жайгашкан "Миң-Жыгач" үгүт-насаат үйүнүн имаратынан Миң-Жыгач айылынын Бердимурат раис көчөсү, 11де жайгашкан Жаш-Тилек атындагы орто мектебинин имаратына өзгөртүлсүн.

**6**. Баткен облусунун Лейлек районуна караштуу Ай-Көл айылындагы №8034 шайлоо участогунун дареги Келдибек аксакал көчөсү, 40та жайгашкан Ак-Көл үгүт-насаат үйүнүн имаратынан Ай-Көл айылынын Т.Абдысаитов көчөсү, 3тө жайгашкан Н.Батыров атындагы орто мектебинин имаратына өзгөртүлсүн.

**7.** Нарын облусунун Жумгал районуна караштуу Таш-Дөбө айылындагы №4110 шайлоо участогунун дареги Бегалы уулу Акмат көчөсү, 81де жайгашкан Н.Бийсеев атындагы машыгуу залынын имаратынан Таш-Дөбө айылынын А.Тезекбаев көчөсү, 1де жайгашкан Таш-Дөбө атындагы орто мектебинин имаратына өзгөртүлсүн.

**8.** Москва аймактык шайлоо комиссиясы Төлөк жана Миң-Булак айыл өкмөттөрү, Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясы Жоош айыл өкмөтү, Лейлек аймактык шайлоо комиссиясы Тогуз-Булак айыл өкмөтү жана Жумгал аймактык шайлоо комиссиясы Түгөл-Сай айыл өкмөттөрү менен биргеликте шайлоочулардын арасында шайлоо участкаларынын даректери өзгөртүлгөндүгү тууралуу түшүндүрүү иштерин жүргүзсүн.

**9.** Бул токтом "Эркин-Тоо" мамлекеттик расмий гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**10.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.С.Жупуевага жүктөлсүн.

**11.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 10-октябры, №100***

## №17 ОКРУГДУК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫНЫН КУРАМЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ТОКТОМУ

"Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 12-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4, 8-беренелерине, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2019-жылдын 6-декабрындагы №176 токтому менен бекитилген Шайлоо комиссияларын түзүүнүн, таркатуунун жана шайлоо комиссияларынын резервдерин түзүүнүн, жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө жобого ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **токтом кылат:**

**1.** №17 округдук шайлоо комиссиясынын курамына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:
– Кадырбаев Таалайбек Ишенбаевич комиссиянын курамынан чыгарылсын.
– Жамгырчиев Талант Элюбаевич комиссиянын курамына киргизилсин.

**2.** Бул токтом "Эркин-Тоо" мамлекеттик расмий гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.С.Жупуевага жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 9-октябры, №97***

## БИШКЕК АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫНЫН РЕЗЕРВИН ТОЛУКТОО БОЮНЧА

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ТОКТОМУ

"Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча комиссиялары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 19-беренесин, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2019-жылдын 6-декабрындагы №176 токтому менен бекитилген Шайлоо комиссияларын түзүү, таркатуу жана шайлоо комиссияларынын резервин түзүү, жүргүзүү тартиби жөнүндө жобого, аймактык шайлоо комиссияларынын резервине келип түшкөн документтерди кароо боюнча жумушчу топтун 2025-жылдын 8-октябрындагы №5 чечимин жетекчиликке алып, "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4, 8-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **токтом кылат:**

**1.** Бишкек аймактык шайлоо комиссиясынын резервине жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынын талапкерлери тиркемеге ылайык киргизилсин.

**2.** Бул токтом Кыргыз Республикасынын "Эркин-Тоо" мамлекеттик расмий гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**3**. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.С.Жупуевага жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек шаары, 2025-жылдын 9-октябры, №99***

*Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2025-жылдын 9-октябрындагы №99 токтомуна 1-тиркеме*

**Бишкек аймактык шайлоо комиссиясынын резервине киргизилген жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынын өкүлдөрү**

| № | Аты-жөнү, атасынын аты | Ким тарабынан көрсөтүлдү |
|---|---|---|
| 1 | Зарнаева Назгуль Жакшыlыковна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 2 | Кулданов Айбек Панарбекович | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 3 | Нурланова Жанэт Нурлановна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 4 | Джумагулов Каныбек Калыбекович | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 5 | Щербинина Ольга Анатольевна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 6 | Стамов Айбек Кубатович | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 7 | Исаков Азамат Токторбекович | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 8 | Карачалов Элдияр Разылбекович | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 9 | Аманбекова Айпери Канатбековна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 10 | Дукембаева Эльмира Абуевна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 11 | Абдысадыкова Айгуль Орозбековна | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 12 | Жаштилеков Сыркат Максатович | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 13 | Ылайтегин Абдуллах Таалайбек уулу | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 14 | Рахманов Алмаз Джаныбекович | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |
| 15 | Джентенбаев Канат Рахимбаевич | жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан |

**ЖАЛАЛ-АБАД АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫН МАНАС ШААРДЫК АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ ДЕП КАЙРА АТОО ЖӨНҮНДӨ**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

**ТОКТОМУ**

"Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад облусунун Жалал-Абад шаарын Манас шаары деп кайра атоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2025-жылдын 17-сентябрындагы №200 Мыйзамын жетекчиликке алып, "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерине, "Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1, 20-беренелерин, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2019-жылдын 6-ноябрындагы №176 токтому менен бекитилген Шайлоо комиссияларын түзүү, таркатуу жана шайлоо комиссияларынын резервин түзүү, жүргүзүү тартиби жөнүндө жобого ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **токтом кылат:**

**1.** Жалал-Абад аймактык шайлоо комиссиясы Манас шаардык аймактык шайлоо комиссиясы деп кайра аталсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын аппаратынын пландаштыруу, эсеп жүргүзүү жана отчеттуулук бөлүмү:

– Манас шаардык аймактык шайлоо комиссиясынын жана Жалал-Абад облусунун Манас шаарынын 38 участкалык шайлоо комиссияларынын мөөрлөрүн 1-тиркемеге ылайык жасоону камсыз кылсын;

– Жалал-Абад аймактык шайлоо комиссиясынын жана участкалык шайлоо комиссияларынын мөөрлөрүн жок кылуу жол-жоболорун белгиленген тартипте жүргүзсүн.

**3.** Бул токтом "Эркин-Тоо" мамлекеттик расмий гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**4.** Бул токтомдун көчүрмөсү Манас шаардык аймактык шайлоо комиссиясына жөнөтүлсүн.

**5.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.С.Жупуевага жүктөлсүн.

**6.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага Т.ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 9-октябры, №98***

**ЧЕТ ӨЛКӨДӨ ЖАШАГАН ЖАРАНДАРДЫН ШАЙЛОО УКУКТАРЫН КАМСЫЗ КЫЛУУ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

**ТОКТОМУ**

"Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын 2025-жылдын 9-июнундагы №113 конституциялык Мыйзамынын 2-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4, 5, 8-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **токтом кылат:**

**1.** Чет өлкөдө жашаган жарандардын шайлоо укуктарын камсыз кылуу боюнча жумушчу топ жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын "Чет өлкөдөгү жарандардын шайлоо укуктарын камсыз кылуу жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" 2025-жылдын 1-августундагы №48 токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Чет өлкөдөгү жарандардын шайлоо укуктарын камсыз кылуу жөнүндө жободо:

– 5-пункттун үчүнчү абзацында "12" деген сандар "15" деген сандарга алмаштырылсын;

– төмөнкүдөй мазмундагы 7-1-пункт менен толукталсын:

"7-1. Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жашаган же жүргөн Кыргыз Республикасынын жарандарынын шайлоо укуктарын ишке ашыруу максатында, Борбордук шайлоо комиссиясы жумушчу топ түзүүгө укуктуу.

Жумушчу топтун ишинин тартиби Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан аныкталат.".

**3.** Бул токтом "Эркин-Тоо" мамлекеттик расмий гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**4.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары Н.Ч.Койчукеевге жүктөлсүн.

**5.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага Т.ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 10-октябры, №101***

*Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук шайлоо комиссиясынын 2025-жылдын 10-октябрындагы №101 токтомуна тиркеме*

# Чет өлкөдө жашаган жарандардын шайлоо укуктарын камсыз кылуу боюнча ведомстволор аралык жумушчу топ жөнүндө ЖОБО

**1. Жумушчу топтун максаттары жана милдеттери**

1. Ушул Жобо Кыргыз Республикасынын Президентин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону жана референдумду өткөрүүдө чет өлкөдө жашаган жарандардын шайлоо укуктарын камсыз кылуу боюнча ведомстволор аралык жумушчу топту (мындан ары – Жумушчу топ) түзүүнүн максаттарын, милдеттерин, ыйгарым укуктарын жана тартибин аныктайт.

2. Жумушчу топ Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жашаган же жүрүшкөн жарандарынын шайлоо укуктарын ишке ашыруу үчүн түзүлөт.

3. Жумушчу топ өз ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө», «Кыргыз Республикасынын референдуму жөнүндө», «Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук шайлоо комиссиясы жөнүндө», Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамдарын, «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Шайлоо комиссиясынын башка ченемдик укуктук актыларын жана ушул Жобону жетекчиликке алат.

**2. Жумушчу тобун түзүү жана анын курамы**

4. Жумушчу топ Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын (мындан ары - Борбордук шайлоо комиссиясы) буйругу менен түзүлөт. Жумушчу топтун курамы Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасынын буйругу менен комиссиянын мүчөлөрүнөн, аппарат кызматкерлеринен, Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык коргоо жана миграция министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин, Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармалыгына караштуу «Кызмат» мамлекеттик мекемесинин, Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин, ошондой эле Кыргыз Республикасынын башка органдарынын жана мамлекеттик мекемелеринин өкүлдөрүнүн, чет өлкөдөгү кыргыз диаспораларынын жана мекендештердин коомдук бирикмелеринин өкүлдөрүнүн арасынан түзүлөт.

5. Чет өлкөлөрдө жарандардын шайлоо укуктарын камсыз кылуучу мамлекеттик органдар Жумушчу топтун курамына киргизүү үчүн Борбордук шайлоо комиссиясына талапкерлерди көрсөтөт.

6. Жумушчу топ жетекчисин жана катчысын кошкондо кеминде жети (7) мүчөдөн түзүлөт. Жумушчу топ өзүнүн мүчөлөрүнүн ичинен иш кагаздарын жүргүзүүгө ыйгарым укуктуу катчыны дайындайт.

7. Жумушчу топтун курамына өзгөртүүлөр ушул Жобонун 5-пунктунда каралган аны бекитүү үчүн белгиленген тартипте жүргүзүлөт.

**3. Жумушчу топтун ыйгарым укуктары жана иштөө тартиби**

8. Жумушчу топ:

- Кыргыз Республикасынын Президентин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо жана референдум өткөрүүдө Кыргыз Республикасынын чет өлкөлөрдө жүрүшкөн жарандарынын активдүү шайлоо укуктарын жүзөгө ашыруусу үчүн шарттарды түзөт;

- шайлоо участкаларын добуш берүү процесси үчүн зарыл болгон шайлоо жабдуулары менен жабдууга көмөк көрсөтөт;

- Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары түзүлгөн шайлоо комиссияларына консультациялык жана методикалык колдоо көрсөтөт;

- чет өлкөдөгү жарандардын шайлоо процессине катышуусун жогорулатуу максатында Кыргыз Республикасынын жарандарынын добуш берүү жана референдумга катышуунун шарттары жөнүндө маалымдуулугун жогорулатуу боюнча кеңири маалыматтык кампанияны өткөрөт;

- Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары шайлоо участкаларына шайлоо шаймандарын жана зарыл басма материалдарын жеткирүүгө көмөк көрсөтөт.

9. Жумушчу топтун жыйналышын Жумушчу топтун жетекчиси чакырат; жетекчи жок болгон учурда анын милдетин Жумушчу топтун курамына кирген Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн бири аткарат. Жумушчу топтун жыйналыштары коллегиалдуу жана ачык өткөрүлөт.

Жумушчу топтун жыйналышы, эгерде Жумушчу топтун мүчөлөрүнүн белгиленген санынын жарымынан көбү катышса укуктуу болуп саналат.

Жумушчу топтун жыйыны анын компетенциясына кирген маселелерди ачык талкуулоонун негизинде өткөрүлөт. Жумушчу топтун жыйналыштарына Борбордук шайлоо комиссиясынын жана Жумушчу топтун мүчөлөрү болуп саналышпаган округдук/аймактык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү катышууга жана өз пикирин билдирүүгө укуктуу. Жумушчу топтун жыйналыштарына Борбордук шайлоо комиссиясынын аппаратынын кызматкерлери, мамлекеттик органдардын кызматкерлери, эксперттер жана башка кызыкдар адамдар чакырылышы мүмкүн.

Жумушчу топ Борбордук шайлоо комиссиясынын башка жумушчу топтору менен бирдикте жыйындарды өткөрүүгө укуктуу.

**4. Жумушчу топтун чечимдери жана сунуштары**

10. Жумушчу топтун жыйналыштарында маселелерди кароонун негизинде чечимдер кабыл алынат. Чечимдер сунуштама берүүчү мүнөзгө ээ жана ачык добуш берүүгө катышкан мүчөлөрдүн көпчүлүк добушу менен кабыл алынат.

11. Жумушчу топтун жыйналыштарынын протоколун катчы жүргүзөт. Протоколго төрагалык кылуучу жана катчы кол коёт. Жумушчу топтун чечимдеринин долбоорлору же даярдалган башка документтер Борбордук шайлоо комиссиясынын кароосуна киргизилет.

12. Жумушчу топтун мүчөсү, эгерде кароонун предмети шайлоо процессинин субъектисинин жеке, тике же кыйыр түрдө алар менен байланышкан аракеттерине (аракетсиздигине) тиешелүү болсо, талкууларга жана добуш берүүгө катышпайт.

13. Жумушчу топтун документтери Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан белгиленген тартипте сакталат.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## Управление аграрного развития Московского района

**предоставляет земли ГФСУ в аренду семеноводческим и племеноводческим хозяйствам, сельскохозяйственным кооперативам и приоритетным субъектам сельского хозяйства:**

| № | Контур (место расположение) | Площадь (га) | Вид угодий | Условия предоставления | Срок аренды |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Мин-Булакский а/о | | | |
| 1 | 28 | 19,2 | орошаемая | прямое | 5 лет |
| 2 | 28 | 34,2 | богарная | прямое | 5 лет |
| 3 | 53 | 33,3 | орошаемая | прямое | 5 лет |
| 4 | 55 | 19,3 | орошаемая | прямое | 5 лет |
| 5 | 66 | 10 | орошаемая | прямое | 5 лет |
| 6 | 66 | 10 | орошаемая | прямое | 5 лет |
| 7 | 66 | 22,9 | орошаемая | прямое | 5 лет |
| 8 | 62 | 2,1 | орошаемая | прямое | 5 лет |
| 9 | 52 | 17,5 | орошаемая | прямое | 5 лет |
| 10 | 53 | 3,5 | орошаемая | прямое | 5 лет |
| 11 | 50,51 | 26 | орошаемая | конкурс | 5 лет |
| 12 | 87 | 10 | богарная | прямое | 5 лет |
| 13 | 87 | 10 | богарная | прямое | 5 лет |
| 14 | 87 | 10 | богарная | прямое | 5 лет |
| 15 | 87 | 7 | богарная | прямое | 5 лет |
| 16 | 447 | 20 | орошаемая | прямое | 5 лет |
| 17 | 40 | 10 | орошаемая | прямое | 5 лет |
| 18 | 40 | 10 | орошаемая | прямое | 5 лет |
| 19 | 40 | 10 | орошаемая | прямое | 5 лет |
| 20 | 139 | 25 | орошаемая | прямое | 5 лет |
| 21 | 139 | 25 | орошаемая | прямое | 5 лет |
| 22 | 62 | 10 | орошаемая | прямое | 5 лет |
| 23 | 444 | 8,4 | орошаемая | прямое | 5 лет |
| 24 | 63 | 10 | орошаемая | прямое | 5 лет |
| 25 | 8 | 10 | орошаемая | конкурс | 5 лет |
| 26 | 8 | 11 | орошаемая | конкурс | 5 лет |
| 27 | 8 | 30 | орошаемая | прямое | 5 лет |
| 28 | 8 | 10 | орошаемая | прямое | 5 лет |
| 29 | 140 | 10 | орошаемая | прямое | 5 лет |
| 30 | 140 | 10 | орошаемая | конкурс | 5 лет |
| 31 | 140 | 20 | орошаемая | конкурс | 5 лет |
| 32 | 140 | 10 | орошаемая | прямое | 5 лет |
| 33 | 140 | 10 | орошаемая | прямое | 5 лет |
| 34 | 19 | 20 | богарная | прямое | 5 лет |
| 35 | 40 | 10 | орошаемая | прямое | 5 лет |
| 36 | 40 | 5 | орошаемая | прямое | 5 лет |
| 37 | 40 | 10 | орошаемая | прямое | 5 лет |
| 38 | 40 | 20 | орошаемая | прямое | 5 лет |
| 39 | 133 | 10 | орошаемая | прямое | 5 лет |
| 40 | 133 | 15 | орошаемая | прямое | 5 лет |
| 41 | 10 | 22 | богарная | прямое | 5 лет |
| | **ИТОГО** | **571,2** | | | |

Прием документов осуществляется **до 24.10.2025 года,** дата начало аренды **с 01.11.2025 года.**

**Справки по телефону: (03131) 5-17-01.**

С/О 903

## Отчет ОАО «МФК «АБН»

***о выплате дохода по облигациям шестого транша четвертого выпуска (рег.№ KG 0204211518 от 11.01.2023 г.) за девятый процентный период, установленная дата выплаты с 3 октября 2025 г.***

| | |
|---|---|
| Общее количество владельцев облигаций (физ. и юр. лица) | 84 |
| Общая сумма начисленных доходов (сом) | 1 123 375,00 |
| Общее количество владельцев облигаций, получивших доходы (физ. и юр. лица) | 78 |
| Сумма выплаченных доходов, в сомах | 1 081 575,00 |
| Сумма не выплаченных доходов, в сомах | 41 800,00 |
| Количество владельцев облигаций, по которым не выплачены доходы (физ. лица) | 6 |
| Количество облигаций, по которым не выплачены доходы (экз.) | 176 |
| Причина невыплаты | не востребованы инвестором* |

* **Причина невыплаты и предполагаемая дата выплаты:** На дату предоставления отчета проценты не востребованы инвесторами. Выплата процентов будет производиться по мере их явки в ОАО "МФК "АБН", предполагаемая дата выплаты: с даты востребования.

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ФИНАНСЫ МИНИСТРЛИГИ

### Акциялардын мамлекеттик пакети (катышуу үлүшү) бар чарбакер коомдордун башкаруу органдарындагы мамлекеттик өкүлдүн кызмат орундарына кадрлар резервине киргизүү үчүн сынак жарыялайт

***Акциялардын мамлекеттик пакети (катышуу үлүшү) бар чарбакер коомдун Директорлор кеңешине мамлекеттик өкүлдүн кызмат ордуна талапкерлер төмөнкүдөй талаптарга жооп бериши керек:***

1) соттуулугунун жоктугу, анын ичинде жоюлганына карабастан;
2) курагы 27 жаштан кем эмес;
3) экономика, башкаруу, юриспруденция чөйрөсүндө же чарбакер коомдун ишинин профилине тийиштүү адистик боюнча жогорку билими;
4) иш тажрыйбасы:
- менчигинин түрүнө карабастан коммерциялык уюмдун башкаруу органдарында жетекчи, жетекчинин орун басары (анын ичинде түзүмдүк бөлүмдүн жетекчиси, жетекчинин орун басары) катары 5 жылдан кем эмес; же
- финансылык-экономикалык блоктогу мамлекеттик органдарда же болбосо чарбакер коомдордун ишинин профилине тиешелүү мамлекеттик органдарда «С-А» категориясынан төмөн эмес кызмат орундарында мамлекеттик жарандык кызматта 5 жылдан кем эмес.

**Билими:**
1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы;
2. Кыргыз Республикасынын Граждандык Кодекси (I бөлүк);
3. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодекси;
4. Кыргыз Республикасынын Корпоративдик башкаруу кодекси;
5. Кыргыз Республикасынын «Акционердик коомдор жөнүндө» Мыйзамы;
6. Кыргыз Республикасынын «Чарбалык шериктиктер жана коомдор жөнүндө» Мыйзамы;
7. Кыргыз Республикасынын «Баалуу кагаздар рыногу жөнүндө» Мыйзамы;
8. Кыргыз Республикасынын «Банктар жана банк иштери жөнүндө» Мыйзамы;
9. Кыргыз Республикасынын «Кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө» Мыйзамы;
10. Кыргыз Республикасынын «Банкроттук (кудуретсиздик) жөнүндө» Мыйзамы;
11. Кыргыз Республикасынын «Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө» Мыйзамы;
12. Кыргыз Республикасынын «Виртуалдык активдер жөнүндө» Мыйзамы;
13. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартиби;
14. OECD Корпоративдик башкаруу принциптери.

***Чарбакер коомдун Ички аудит кызматына (ички аудитор) мамлекеттик өкүлдүн кызмат ордуна талапкерлер төмөнкүдөй талаптарга жооп бериши керек:***

1) соттуулугунун жоктугу, анын ичинде жоюлганына карабастан;
2) курагы 27 жаштан кем эмес;
3) финансы, бухгалтердик эсеп же аудит тармагындагы адистиги менен жогорку экономикалык билими;
4) менчигинин түрүнө карабастан уюмдарда жана мекемелерде финансы, бухгалтердик эсеп, аудит менен түздөн-түз байланышкан жетектөөчү кызмат орундарында 5 жылдан кем эмес практикалык иш тажрыйбасынын болушу.

**Билими:**
1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы;
2. Кыргыз Республикасынын Граждандык Кодекси (I бөлүк);
3. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодекси;
4. Кыргыз Республикасынын «Акционердик коомдор жөнүндө» Мыйзамы;
5. Кыргыз Республикасынын «Чарбалык шериктиктер жана коомдор жөнүндө» Мыйзамы;
6. Кыргыз Республикасынын «Баалуу кагаздар рыногу жөнүндө» Мыйзамы;
7. Кыргыз Республикасынын «Кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө» Мыйзамы;
8. Кыргыз Республикасынын «Бухгалтердик эсеп жөнүндө» Мыйзамы;
9. Кыргыз Республикасынын «Аудитордук иш жөнүндө» Мыйзамы;
10. Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарты;
11. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартиби.

**Директорлор кеңешинин жана ички аудит кызматынын (ички аудитор) мүчөсү катары төмөнкүлөр көрсөтүлүшү мүмкүн эмес:**
1. Чарбакер коомдун атаандашы болгон субъекттин менчик ээси, акционери (катышуучусу), башкаруу органынын мүчөсү болуп саналган жак;
2. Буга чейин белгиленген тартипте банкрот деп таанылган же ага карата мажбурлап жоюу жөнүндө чечим кабыл алынган коммерциялык уюмдун Директорлор кеңешинин мүчөсү, аткаруу органынын жетекчиси же мүчөсү, башкы бухгалтери болгон жак.

**Сынакка катышуучу талапкерлер төмөнкү документтерди тапшырууга тийиш:**
1) арыз;
2) резюме, сүрөтү менен;
3) өмүр баян;
4) белгиленген тартипте толтурулган анкета;
5) паспортунун жана жогорку билими тууралуу документтин көчүрмөсү (текшерүү үчүн түп нускасы);
6) кошумча билими жана квалификациясы (эгерде бар болсо) тууралуу документтеринин нотариалдык же иштеген жери боюнча персоналдарды башкаруу кызматы тарабынан күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү;
7) эмгек китепчесинин акыркы иштеген жери боюнча жумуш берүүчү же нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү;
8) кадрларды эсепке алуу боюнча өздүк баракча;
9) соттуулугу бар же жоктугу тууралуу маалым кат, берилген мөөнөтү сынакка катышуу үчүн документтерин берген учурда 1 айдан ашпоого тийиш;
10) сунуштама кат (бар болгон учурда);
11) сертификаттар (бар болгон учурда).

**Коомдордун башкаруу органдарына кызматка шайлоодо төмөнкү артыкчылыктардын бирине ээ болгон талапкерлер жогору бааланат:**

*1. Директорлор кеңеши үчүн:*
